# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 4
## *"Камсыздандыруу келишимдери"*

## Максаты

1 Ушул ФОЭСтин максаты *камсыздандыруу келишимдерин* чыгарган ишкана тарабынан (ушул ФОЭСте *камсыздандыруучу* деп аталган) Кеңеш камсыздандыруу келишимдери боюнча өзүнүн долбоорунун экинчи баскычын бүткөн учурга чейин камсыздандыруу келишимдеринин финансылык отчеттуулугун берүү талаптарын сыпаттоо саналат. Башкача айтканда ушул ФОЭС төмөнкүлөрдү талап кылат:

(a) камсыздандыруучунун камсыздандыруу келишимдерин эсепке алуу тартибин чектелүү өркүндөтүүнү;

(b) камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болуучу камсыздандыруучунун финансылык отчеттуулугунда сумманы аныктаган жана түшүндүргөн жана ушул финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын көлөмүн, убакыттык бөлүштүрүлүшүн жана айкын эместигин түшүнүүгө жардам берген маалыматты ачып көрсөтүүнү.

## Колдонуу чөйрөсү

2 Ишкана ушул ФОЭСти төмөнкүлөргө карата колдонууга тийиш:

(a) ал чыгарган камсыздандыруу келишимдерине (*кайра камсыздандыруу келишимдерин* кошкондо) жана ал ээлик кылган кайра камсыздандыруу келишимдерине;

(b) ал *дискрециялык катышуу шарты менен* чыгарган финансылык инструменттерге (35-пунктту караңыз). *«Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 7 финансылык инструменттер тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүнү карайт, аталган мүнөздөмөлөргө ээ финансылык инструменттерди кошкондо.

3 Ушул стандарт камсыздандыруучуда болгон финансылык активдерди эсепке алуу жана камсыздандыруучу чыгарган финансылык милдеттенмелерди эсепке алуу сыяктуу камсыздандыруучу колдонгон эсепке алуу тартибинин башка аспекттерин карабайт (*«Финансылык инструменттер: маалыматты берүү»* ФОЭС (IAS) 32ни, ФОЭС (IFRS) 7ни жана *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9ду караңыз), төмөнкү жоболордон тышкары:

(a) 20A-пункту аталган критерийлерге жооп берген камсыздандыруучуларга ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонууга уруксат берет;

(b) 35B-пункту камсыздандыруучуларга белгилүү бир финансылык активдерге салуу ыкмасын колдонууга уруксат берет; жана

(c) 45-пункт камсыздандыруучуларга белгилүү бир жагдайларда өзүнүн айрым же бардык финансылык активдерин, ушул активдерди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоо үчүн кайра классификациялоого уруксат берет.

4 Ишкана ушул ФОЭСти төмөнкүлөргө карата колдонбошу керек:

(a) өндүрүүчү, дилер же чекене сатуучу тарабынан түздөн-түз берилген продукцияга болгон кепилдиктерге *(«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн*

*киреше»* ФОЭС (IFRS) 15ди жана *«Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ни караңыз);

(b) кызматкерлердин сыйакылар программалары боюнча иш берүүчүлөрдүн активдерине жана милдеттенмелерине (*«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19ду жана *«Акцияларга негизделген төлөм»* ФОЭС (IFRS) 2ни караңыз) жана белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалар отчеттуулугунда чагылдырылган пенсиялык программалар боюнча милдеттенмелерге (*«Пенсиялык программалар боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 26ны караңыз);

(c) финансылык эмес объектти келечекте колдонууга же колдонуу укугуна көз каранды келишимдик укуктарга же келишимдик милдеттенмелерге (мисалы айрым лицензиялык төлөмдөргө, роялтиге, шарттуу ижара төлөмдөрүнө жана ушундай беренелерге), ошондой эле финансылык ижарага киргизилген жоюу наркына карата ижарачынын кепилдигине (*«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16ны, *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15ти жана *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38ди караңыз);

(d) финансылык кепилдик келишимдерине, эмитент мурда аларды камсыздандыруу келишимдери катарында ачык баалаган жана камсыздандыруу келишимдерине колдонулган эсепке алуу тартибин колдонгон учурлардан тышкары; мындай учурда эмитент ушундай финансылык кепилдик келишимдерин эске алуу үчүн же ФОЭС (IAS) 32ни, ФОЭС (IFRS) 7ни жана ФОЭС (IFRS) 9ду, же ушул стандартты тандай алат. Эмитент ар бир өзүнчө келишим боюнча ушундай чечим кабыл ала алат, бирок ар бир келишим боюнча кабыл алынган чечим кайра каралбайт.

(e) бизнести бириктирүүдө төлөнүүгө же алынууга тийиш шарттуу ордун толтурууга (*«Бизнести бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3тү караңыз);

(f) ишкана ээлик кылган *тикелей камсыздандыруу келишимдерине* (б.а. ишкана *камсыздандыруу полисинин кармоочусу* болгон камсыздандыруу келишимдерине). Бирок, *цедент* ушул ФОЭСти ал ээлик кылган кайра камсыздандыруу келишимдерине колдонууга тийиш.

5 Ыңгайлуу болушу үчүн ушул ФОЭСте камсыздандыруу келишимин түзгөн каалаган адам, юридикалык же көзөмөлдөө максаттарында эмитент камсыздандыруучу болуп саналган/саналбаганына карабастан, камсыздандыруучу катарында сыпатталат. 3(a) – 3(b), 20A – 20Q, 35B – 35N, 39B – 39M жана 46–49-пункттарындагы камсыздандыруучуга болгон бардык шилтемелер дискрециялык катышуу шартын караган финансылык инструменттин эмитентине дагы тийиштүү катарында түшүнүлүшү керек.

6 Кайра камсыздандыруу келишими – бул камсыздандыруу келишиминин түрү. Натыйжада ушул ФОЭСтеги камсыздандыруу келишимдерине карата бардык эскертүүлөр кайра камсыздандыруу келишимдерине дагы тийиштүү.

## Камтылган туунду инструменттер

7 ФОЭС (IFRS) 9 ишканадан айрым камтылган туунду инструменттерди негизги келишимдерден бөлүүнү, аларды *адилет нарк* боюнча баалоону жана алардын адилет наркынын өзгөрүүлөрүн пайданын же зыяндын курамына киргизүүнү талап кылат. ФОЭС (IFRS) 9 камсыздандыруу келишимдерине камтылган туунду инструменттерге колдонулат, камтылган туунду инструменттин өзү камсыздандыруу келишими болуп саналган учурлардан тышкары.

8 ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарынан өзгөчө учур катарында камсыздандыруучуга камсыздандыруу полисин кармоочунун бекитилген суммага (же бекитилген суммага жана пайыздык ставкага карата аныкталуучу суммага) камсыздандыруу келишиминен баш

© ФОЭС Фонду

тартууга опционду, эгер аткаруу баасы кабыл алынган *камсыздандыруу милдеттенмесинин* баланстык наркынан айырмаланса дагы бөлүп көрсөтүүнүн жана адилет нарк боюнча баалоонун кереги жок. Бирок, ФОЭС (IFRS) 9дун талаптары сатуу опционуна же камсыздандыруу келишимине камтылган акча каражаттарын кайтарууга опционго колдонулат, эгер кайтаруу наркы финансылык өзгөрүлмөнүн өзгөрүүсүнө (мисалы үлүштүк инструмент же товар боюнча баа же индекс сыяктуу) же келишим боюнча тарапка тийиштүү эмес финансылык эмес өзгөрүлмөгө жооп катары өзгөрүлсө. Андан тышкары ушул талаптар, эгер кармоочунун сатуу опционунан же акча каражаттарына алмаштыруу келишиминен баш тартуу мүмкүндүгүнөн колдонуу укугу ушундай өзгөрүлмөнүн өзгөрүүсү менен демилгеленсе дагы колдонулат (мисалы, эгер фонд рыногунун индекси белгилүү бир деңгээлге жетсе, сатуу опционунан колдонууга болот).

9 8-пункт дискрециялык катышуу шартын камтыган финансылык инструментти өткөрүп берүүгө опциондорго карата бирдей даражада колдонулат.

## Депозиттик компонентти ажыратуу

10 Айрым камсыздандыруу келишимдери камсыздандыруу компонентин дагы жана *депозиттик компонентти* дагы камтыйт. Айрым учурларда камсыздандыруучудан ушул компоненттерди *ажыратуу* талап кылынат же уруксат берилет:

(a) эгер төмөнкү эки шарт тең канааттандырылса, ажыратуу талап кылынат:

(i) камсыздандыруучу депозиттик компонентти (келишимден баш тартуунун камтылган мүмкүндүгүн кошкондо) өзүнчө (б.а. камсыздандыруу компонентин эске албастан) баалай алат;

(ii) камсыздандыруучунун эсеп саясаты андан депозиттик компонентке байланыштуу пайда болгон бардык милдеттенмелерди жана укуктарды кандайдыр бир башкача жол менен таанууну талап кылбайт;

(b) эгер камсыздандыруучу депозиттик компонентти (a)(i) пунктундагыдай өзүнчө баалай алса, бирок анын эсеп саясаты андан депозиттик компонентке байланыштуу пайда болгон бардык милдеттенмелерди жана укуктарды, ушул укуктарды жана милдеттенмелерди баалоо үчүн колдонулган негизге карабастан, таанууну талап кылса, ажыратууга уруксат берилет, бирок талап кылынбайт;

(c) эгер камсыздандыруучу депозиттик компонентти (a)(i) пунктундагыдай өзүнчө баалай албаса, ажыратууга тыюу салынат.

11 Төмөнкү мисал камсыздандыруучунун эсеп саясаты андан депозиттик компонентке байланыштуу пайда болгон бардык милдеттенмелерди таанууну талап кылбаган учурду көрсөтөт. Цедент *кайра камсыздандыруучудан* зыяндардын ордун толтурууну алат, бирок келишим цедентти келечектеги мезгилдерде ушул ордун толтурууну кайрадан төлөөнү милдеттендирет. Бул милдеттенме депозиттик компонентке байланыштуу пайда болот. Эгер цеденттин эсеп саясаты ушул ордун толтурууну пайда болуучу милдеттенмелерди таанывастан, киреше катарында башкача жол менен таанууга уруксат берсе, анда ажыратуу талап кылынмак.

12 Келишимди ажыратуу үчүн камсыздандыруучу тийиш:

(a) ушул ФОЭСти камсыздандыруучу компонентке колдонууга;

(b) ФОЭС (IFRS) 9ду депозиттик компонентке колдонууга.

© ФОЭС Фонду

## Таануу жана баалоо

### Башка ФОЭСтерден убактылуу бошотуу

13 *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоодогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8дин 10-12-пункттары ишкана эсеп саясатын иштеп чыгууда тигил же бул беренеге карата түздөн-түз колдонулган ФОЭС болбогондо колдонуу зарыл болгон критерийлерди белгилейт. Бирок, ушул ФОЭС камсыздандыруучуну ушул критерийлерди өзүнүн эсеп саясатына колдонуудан бошотот:

(a) ал чыгарган камсыздандыруу келишимдерине карата (алар менен байланышкан сатып алуу чыгымдарын, 31 жана 32-пункттарында сыпатталгандай, материалдык эмес активдерди кошкондо);

(b) ал ээлик кылган кайра камсыздандыруу келишимдерине карата.

14 Ошентсе да, ушул ФОЭС камсыздандыруучуну ФОЭС (IAS) 8дин 10-12-пункттарында камтылган айрым критерийлердин таасиринен бошотпойт. Тактап айтканда камсыздандыруучу:

(a) келечекте мүмкүн болуучу дооматтар боюнча бардык камсыздандыруу резервдерин милдеттенме катарында тааныбашы керек, эгер ушул дооматтар отчеттук күндө болбогон камсыздандыруу келишимдери боюнча пайда болсо (өзгөчө кырдаалдарга карата резервдер жана теңдөөчү резервдер сыяктуу);

(b) 15-19-пункттарында сыпатталган *милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүүгө* тийиш;

(c) финансылык абал жөнүндөгү отчеттон камсыздандыруу милдеттенмесин (же камсыздандыруу милдеттенмесинин бөлүгүн) алып салууга тийиш, ал төлөнгөндөн кийин гана, башкача айтканда келишимде көрсөтүлгөн милдеттенме аткарылганда же жокко чыгарылганда, же аны колдонуу мөөнөтү бүткөндө.

(d) эске албоого тийиш:

(i) тийиштүү камсыздандыруу милдеттенмелерине каршы *кайра камсыздандыруу менен байланышкан активдерди*; же

(ii) тийиштүү камсыздандыруу келишимдери боюнча чыгашалар же кирешелер менен кайра камсыздандыруу келишимдери боюнча кирешелерди же чыгашаларды;

(e) кайра камсыздандырууга байланышкан активдердин наркы түшкөн жокпу, талдоо жүргүзүшү керек (20-пунктту караңыз).

### Милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүү

**15 Камсыздандыруучу ар бир отчеттук мезгилдин аягында өзүнүн камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымдарын учурдагы эсептик баалоону колдонуу менен анын таанылган камсыздандыруу милдеттенмелери адекваттуу болуп саналабы, баалоого тийиш. Эгер мындай баалоо анын камсыздандыруу милдеттенмелеринин балaнстык наркынын (алар менен байланышкан кийинкиге жылдырылган сатып алуу чыгымдарын, 31 жана 32-пункттарында сыпатталгандай, материалдык эмес активдерди алып салгандан кийин) акча каражаттарынын келечектеги эсептик агымдарынан улам адекваттуу эместигин көрсөтсө, анда бүтүндөй жетпеген сумманы пайданын же зыяндын курамында толук көлөмдө таануу керек.**

16 Эгер камсыздандыруучу милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерсе жана ал белгилүү бир минималдуу талаптарды канааттандырса, анда ушул ФОЭС кошумча талаптарды койбойт. Минималдуу талаптар төмөндө келтирилди:

(a) текшерүүнүн жүрүшүндө келишимде каралган акча каражаттарынын бардык агымдарын жана дооматтарды кароо чыгымдары сыяктуу акча каражаттардын коштомо агымдарын, ошондой эле камтылган опциондор жана кепилдиктер боюнча пайда болгон акча каражаттарынын агымдарын учурдагы эсептик баалоо эске алынууга тийиш;

(b) эгер текшерүү милдеттенменин адекваттуу эместигин көрсөтсө, анда айырма пайданын же зыяндын курамында толук көлөмдө таанылат.

17 Эгер камсыздандыруучунун эсеп саясаты 16-пунктта келтирилген минималдуу талаптарды канааттандырган милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүүнү талап кылбаса, анда камсыздандыруучу төмөнкүлөргө тийиш:

(a) балансттык наркты алып салгандан кийин тийиштүү камсыздандыруу милдеттенмелеринин[1] балансттык наркын аныктоого:

(i) алар менен байланышкан кийинкиге калтырылган бардык сатып алуу чыгымдарын; жана

(ii) бизнести бириктирүүдө же портфелди өткөрүп берүүдө алынган активдер сыяктуу алар менен байланышкан бардык материалдык эмес активдерди (31 жана 32-пункттарды караңыз). Бирок, кайра камсыздандырууга байланышкан тийиштүү активдер каралбайт, анткени камсыздандыруучу аларды өзүнчө эске алат (20-пунктту караңыз);

(b) (a) пунктунда сыпатталган сумма, эгер тийиштүү камсыздандыруу милдеттенмелери ФОЭС (IAS) 37нин колдонуу чөйрөсүнө кирсе, зарыл боло турган балансттык нарктан төмөнбү, аныктоого. Эгер ал төмөн болсо, анда камсыздандыруучу айырманы пайданын же зыяндын курамында толук көлөмдө таанууга жана аталган кийинкиге жылдырылган сатып алуу чыгашаларынын жана материалдык эмес активдердин балансттык наркын азайтууга же болбосо тийиштүү камсыздандыруу милдеттенмелеринин балансттык наркын көбөйтүүгө тийиш.

18 Эгер камсыздандыруучунун адекваттуу милдеттенмелерин текшерүү 16-пунктта келтирилген минималдуу талаптарды канааттандырса, анда ал ушул текшерүү үчүн көрсөтүлгөн агрегирлөө деңгээлинде жүргүзүлөт. Эгер адекваттуу милдеттенмелерди текшерүү ушул минималдуу талаптарды канааттандырбаса, анда алар окшош тобокелдиктерге ээ болгон жана бирдиктүү портфель катарында башкарылган келишимдер портфелинин деңгээли үчүн 17-пунктунда сыпатталган салыштырууну жүргүзүү зарыл.

19 17(b)-пунктунда сыпатталган сумма (башкача айтканда ФОЭС (IAS) 37ни колдонуунун натыйжасы), эгер 17(a)-пунктунда сыпатталган сумма келечектеги инвестициялык маржаны чагылдырган учурда гана, ушул маржаны чагылдырышы керек.

## Кайра камсыздандыруу менен байланышкан активдердин наркынын түшүшү

20 Эгер цеденттин кайра камсыздандырууга байланышкан активинин наркы түшүп кетсе, анда цедент тийиштүү жол менен анын балансттык наркын төмөндөтүүгө тийиш жана нарктын түшүүсүнөн алынган ушул зыянды пайданын же зыяндын курамында таанышы

[1] Тийиштүү камсыздандыруу милдеттенмелери – бул камсыздандыруучунун эсеп саясаты 16-пунктта келтирилген минималдуу талаптарды канааттандырган милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүүнү талап кылбаган ушундай камсыздандыруу милдеттенмелери (ошондой эле алар менен байланышкан кийинкиге калтырылган сатып алуу чыгымдары жана материалдык эмес активдер).

© ФОЭС Фонду

керек. Кайра камсыздандырууга байланышкан активдин наркы төмөнкү учурда гана түшөт, эгер:

(a) цедент келишимдин шарттары боюнча ага тийиштүү бардык сумманы албай калышы мүмкүн, кайра камсыздандырууга байланышкан активди баштапкы таануудан кийин болгон окуянын натыйжасында пайда болгон объективдүү далил болсо; жана

(b) мындай окуянын цедент кайра камсыздандыруучудан ала турган суммага болгон таасирин ишенимдүү баалоого болсо.

## ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу

**20A ФОЭС (IFRS) 9 финансылык инструменттерди эсепке алууга тийиштүү жана 2018-жылдын 1-январынан же андан кийинки күндөн башталган жылдык мезгилдер үчүн күчүнө кирет. Бирок 20B-пунктунун критерийлерине туура келген камсыздандыруучу үчүн ушул ФОЭС камсыздандыруучуга 2021-жылдын 1-январына чейин башталган жылдык мезгилдер үчүн ФОЭС (IFRS) 9дун ордуна *«Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо»* ФОЭС (IAS) 39ду колдонууга уруксат берген, бирок талап кылбаган убактылуу бошотууну берет. ФОЭС (IFRS) 9дан убактылуу бошотууну колдонгон камсыздандыруучу төмөнкүлөргө тийиш:**

**(a) ушул ФОЭСтин 39B – 39J-пункттарында талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүү үчүн зарыл болгон ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын колдонууга; жана**

**(b) калган бардык колдонулган ФОЭСтерди өзүнүн финансылык инструменттерине колдонууга, ушул ФОЭСтин 20A – 20Q, 39B – 39J жана 46–47-пункттарында сыпатталган учурлардан тышкары.**

**20B Камсыздандыруучу ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдоно алат, эгер:**

**(a) мурда ал ФОЭС (IFRS) 9дун[2] эч кандай версияларын колдонбосо, ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.1(c), 5.7.7 –5.7.9, 7.2.14 жана B5.7.5 – B5.7.20-пункттарында пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катарында аныкталган финансылык милдеттенмелер боюнча пайдаларды же зыяндарды көрсөтүү талаптарынан тышкары; жана**

**(b) анын ишмердүүлүгү түздөн-түз 2016-жылдын 1-апрелинен мурунку жылдык отчеттуулук күнүнө карата же 20G-пунктунда көрсөтүлгөндөй, жылдык отчеттуулуктун кийинки күнүнө карата 20D-пунктунда сыпатталгандай, камсыздандыруу менен байланышса.**

20C ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну суранган камсыздандыруучуга ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.1(c), 5.7.7 –5.7.9, 7.2.14 жана B5.7.5 – B5.7.20-пункттарында пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катарында аныкталган финансылык милдеттенмелер боюнча пайдаларды же зыяндарды көрсөтүү талаптарын гана колдонууга уруксат берилет. Эгер камсыздандыруучу ушул талаптарды колдонууну чечсе, ал ФОЭС (IFRS) 9дун тийиштүү өткөөл жоболорун колдонууга, ушул талаптарды колдонуу фактысын ачып көрсөтүүгө жана ФОЭС (IFRS) 7нин 10-11-пункттарында баяндалган тийиштүү маалыматты туруктуу негизде берүүгө тийиш (ФОЭС (IFRS) 9га (2010) киргизилген түзөтүүлөр менен).

20D Камсыздандыруучунун ишмердүүлүгү төмөнкү учурларда гана камсыздандыруу менен байланышат:

[2] Кеңеш 2009, 2010, 2013 жана 2014-жылдары ФОЭС (IFRS) 9дун бир нече версиясын чыгарган.

(a) ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдер боюнча пайда болуучу анын милдеттенмелеринин баланстык наркы, бардык депозиттик компоненттерди же ушул ФОЭСтин 7-12-пункттарын колдонуу менен камсыздандыруу келишимдеринен бөлүнгөн камтылган туунду инструменттерди кошкондо, анын бардык милдеттенмелеринин жалпы баланстык наркына салыштырмалуу олуттуу болуп саналат; жана

(b) камсыздандырууга байланышкан анын милдеттенмелеринин жалпы баланстык наркынын пайыздык үлүшү (20Е-пунктун караңыз) анын бардык милдеттенмелеринин жалпы баланстык наркына карата түзөт:

(i) 90 пайыздан ашык; же

(ii) 90 пайыздан төмөн же барабар, бирок 80 пайыздан жогору жана камсыздандыруучу камсыздандыруу менен байланышпаган олуттуу ишмердүүлүктү жүргүзбөйт (20F-пунктту караңыз).

20E 20D(b)-пунктун колдонуу максатында камсыздандыруу менен байланышкан милдеттенмелер төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) 20D(a)-пунктунда сыпатталгандай, ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдер боюнча пайда болуучу милдеттенмелерди;

(b) ФОЭС (IAS) 39ду колдонуу менен пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу келишимдер боюнча туунду эмес инвестициялык милдеттенмелерди (пайдаларды же зыяндарды көрсөтүү үчүн камсыздандыруучу ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын колдонгон пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катарында аныкталгандарды кошкондо (20B(a) жана 20C-пункттарын караңыз); жана

(c) камсыздандыруучу (a) жана (b) пункттарында көрсөтүлгөн келишимдерден келип чыккан милдеттенмелерди чыгаргандан же аткаргандан улам пайда болгон милдеттенмелерди. Мындай милдеттенмелердин мисалдары ушул келишимдер менен жана ушул келишимдерди камсыздаган активдер менен байланыштуу пайда болгон тобокелдиктерди азайтуу үчүн колдонулган туунду инструменттерди, ушул келишимдерден пайда болгон милдеттенмелер боюнча салык салынуучу убактылуу айырмалар боюнча кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери сыяктуу тийиштүү салык милдеттенмелерин жана камсыздандыруучунун ченемдик капиталына киргизилүүчү чыгарылган карыздык инструменттерди камтыйт.

20F Анын камсыздандырууга байланышпаган олуттуу ишмердүүлүк менен алектенер/алектенбесин баалоодо, 20D(b)(ii)-пункттарын колдонуу максатында камсыздандыруучу эске алууга тийиш:

(a) ал киреше ала турган жана чыгаша тарта турган ишмердүүлүктүн түрлөрүн гана; ошондой эле

(b) сандык же сапаттык факторлор (же бул да, же тигил да), жалпыга жеткиликтүү маалыматты, мисалы финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары камсыздандыруучуга колдонушкан тармактык классификацияны кошкондо.

20G 20B(b)-пункту ишканадан анын түздөн-түз 2016-жылдын 1-апрелинен мурунку жылдык отчеттуулук күнүнө карата ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу критерийлерине шайкештигин баалоону талап кылат. Ушул күндөн кийин:

(a) мурда ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу укугуна ээ болгон ишкана, эгер ишкананын ишмердүүлүгүндө кийинки жылдык отчеттук күндө аяктаган жылдык мезгилдин ичинде 20H – 20I-пункттарында баяндалгандай,

өзгөрүү болсо гана, ушул күнгө карата анын ишмердүүлүгү негизинен камсыздандыруу менен байланышкан/байланышпаганын кайрадан баалоого тийиш.

(b) мурда ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу критерийлерине шайкеш келбеген ишканага, эгер ишкананын ишмердүүлүгүндө кийинки жылдык отчеттук күндө аяктаган жылдык мезгилдин ичинде 20H – 20I-пункттарында баяндалгандай, өзгөрүү болсо гана, ушул күнгө карата анын ишмердүүлүгү негизинен камсыздандыруу менен байланышкан/байланышпаганын кайрадан баалоого уруксат берилет тийиш.

20H 20G-пунктун колдонуу максатында ишкананын ишмердүүлүгүндөгү өзгөрүү – бул өзгөрүү:

(a) тышкы же ички өзгөрүүлөрдүн натыйжасында ишкананын жогорку жетекчилиги тарабынан аныкталат;

(b) ишкананын ишмердүүлүгү үчүн мааниге ээ; жана

(c) тышкы тараптарга көрсөтүлөт.

Натыйжада ушундай өзгөрүү, ишкана анын операциялары үчүн мааниге ээ ишмердүүлүктү аткарып баштаганда же токтотқондо же анын ишмердүүлүгүнүн бир түрүнүн масштабы бир кыйла өзгөргөндө гана болот, мисалы ишкана бизнес-багытын (линиясын) сатып алганда, сатканда же токтотқондо.

20I 20H-пунктунда сыпатталган ишкананын ишмердүүлүгүнүн өзгөрүшү өтө сейрек болот деп күтүлөт. 20G-пунктун колдонуу максатында төмөнкү ишкананын ишмердүүлүгүндөгү өзгөрүү болуп саналбайт:

(a) ишкана киреше алган жана чыгашага учураган ишмердүүлүккө өзү таасир тийгизбеген ишкананын каржылоо түзүмүндөгү өзгөрүү.

(b) ишкананын бизнес-багытты сатуу планы, активдер жана милдеттенмелер *«Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк»* ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык сатууга арналган катарында классификацияланса дагы. Бизнес-багытты сатуу планы ишкананын ишмердүүлүгүн өзгөртүшү жана келечекте кайра баалоого алып келиши мүмкүн, бирок анын финансылык абал жөнүндө отчетунда таанылган милдеттенмеге таасир тийгизбейт.

20J Эгер ишкана кайра баалоонун натыйжасында ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу критерийлерине мындан ары шайкеш келбесе (20G(a)-пунктун караңыз), анда ага ушул кайра баалоодон кийин эле башталган жылдык мезгилдин аягына чейин гана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонууну улантууга уруксат берилет. Ошентсе да ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду 2021-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мисалы, эгер ишкана 20G(a)-пунктун 2018-жылдын 31-декабрында колдонуу менен (жылдык мезгилдин аягында), ал ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу критерийлерине мындан ары шайкеш келбейт деп аныктаса, анда ишканага 2019-жылдын 31-декабрына чейин гана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонууну улантууга уруксат берилет.

20K Мурда ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонууну чечкен камсыздандыруучу каалаган кийинки жылдык мезгилдин башында ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу тууралуу сөзсүз түрдө чечим кабыл ала алат.

### ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана

20L *«Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын алгачкы колдонуу»* ФОЭС (IFRS) 1дин аныктамасына ылайык ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана, эгер ал 20B-пунктунда сыпатталган критерийлерге шайкеш келсе гана, 20A-пунктунда сыпатталган ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдоно алат. 20B(b)-

пунктун колдонууда ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана ушул пунктта көрсөтүлгөн күнгө карата ФОЭСти колдонуу менен аныкталган балансттык наркты колдонууга тийиш.

20M ФОЭС (IFRS) 1 ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишканага колдонулуучу талаптарды жана бошотууларды камтыйт. Ушул талаптар жана бошотуулар (мисалы ФОЭС (IFRS) 1дин D16 – D17-пункттары) ушул ФОЭСтин 20A – 20Q жана 39B – 39J-пункттарынын талаптарын жокко чыгарбайт. Мисалы ФОЭС (IFRS) 1деги талаптар жана бошотуулар, ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонуу үчүн 20L-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге шайкеш келиши керектиги тууралуу талапты жокко чыгарбайт.

20N ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан, 39B – 39J пункттарында талап кылынган маалыматты ачып көрсөткөн ишкана ушундай маалыматты ачып көрсөтүү үчүн зарыл баалоолорду жүргүзүүгө тийиштүү ФОЭС (IFRS) 1дин талаптарын жана бошотууларды колдонушу керек.

### ФОЭС (IAS) 28дин өзгөчө талаптарынан убактылуу бошотуу

20O *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28дин 35–36-пункттары үлүштүк катышуу методун колдонууда ишканадан бирдиктүү эсеп саясатын колдонушун талап кылат. Ошентсе да 2021-жылдын 1-январына чейин башталган жылдык мезгилдер үчүн ишканага ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана колдонгон тийиштүү эсеп саясатын сактоого уруксат берилет, бирок талап кылынбайт, тактап айтканда:

(a) ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонот, бирок ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонот; же

(b) ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонот, бирок ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонот.

20P Ишкана ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган өзүнүн инвестицияларын эсепке алуу үчүн үлүштүк катышуу методун колдонгондо:

(a) эгер ФОЭС (IFRS) 9 мурда ушул ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага үлүштүк катышуу методун колдонуу үчүн пайдаланылган финансылык отчеттуулукта колдонулса (ишкана киргизген бардык оңдоп-түзөтүүлөрдү чагылдыргандан кийин), анда ФОЭС (IFRS) 9ду колдонууну улантуу зарыл.

(b) эгер ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу мурда ушул ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага үлүштүк катышуу методун колдонуу үчүн пайдаланылган финансылык отчеттуулукта колдонулса (ишкана киргизген бардык оңдоп-түзөтүүлөрдү чагылдыргандан кийин), анда андан кийин ФОЭС (IFRS) 9ду колдонууга болот.

20Q Ишкана 20O жана 20P(b)-пункттарын ар бир ассоциацияланган же биргелешкен ишканага өзүнчө колдоно алат.

## Эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр

21 22 – 30-пункттары ФОЭСти буга чейин колдонуп жаткан камсыздандыруучу киргизген өзгөртүүлөргө дагы жана ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан камсыздандыруучу киргизген өзгөртүүлөргө дагы колдонулат.

**22 Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишимдери боюнча өзүнүн эсеп саясатын өзгөртө алат, эгер мындай өзгөртүү финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары экономикалык чечимдерди кабыл алууда алардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн финансылык отчеттуулукту анын ишенимдүүлүгүн**

**төмөндөтпөстөн көбүрөөк актуалдуу кылган же көрсөтүлгөн максаттар үчүн аны жөндүү колдонулушун төмөндөтпөстөн, аны көбүрөөк ишенимдүү кылган учурларда гана. Камсыздандыруучу ФОЭС (IAS) 8де камтылган критерийлердин негизинде жөндүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн баалашы керек.**

23 Камсыздандыруу келишимдери боюнча эсеп саясатынын өзгөрүшүн негиздөө үчүн камсыздандыруучу ушул өзгөртүү финансылык отчеттуулуктун ФОЭС (IAS) 8де камтылган критерийлерге өтө шайкеш келишине алып келерин көрсөтүшү керек, бирок ушул өзгөртүүнүн ушул критерийлерге толук шайкештигине алып келиши талап кылынбайт. Андан ары төмөнкүдөй конкреттүү маселелер талкууланат:

(a) учурдагы пайыздык ставкалар (24-пункт);

(b) колдонулган практиканы колдонууну улантуу (25-пункт);

(c) этияттуулук (26-пункт);

(d) келечектеги инвестициялык маржа (27 – 29-пункттар); жана

(e) эквиваленттик эсепке алуу (30-пункт).

### Учурдагы рыноктук пайыздык ставкалар

24 Камсыздандыруучуга эсеп саясатын, ал аныктаган камсыздандыруу милдеттенмелери[3] учурдагы рыноктук пайыздык ставкаларды чагылдыруу жана ушул милдеттенмелердин өзгөрүүлөрүн пайданын же зыяндын курамында таануу үчүн кайра баалангандай кылып өзгөртүүгө уруксат берилет, бирок талап кылынбайт. Ушул пункттагы тандоо мүмкүндүгү камсыздандыруучуга ал аныктаган милдеттенмелер боюнча эсеп саясатын, ФОЭС (IAS) 8 талап кылгандай, аны бардык окшош милдеттенмелерге ырааттуу колдонбостон, өзгөртүүгө мүмкүндүк берет. Эгер камсыздандыруучу тийиштүү милдеттенмелерди ага берилген мүмкүнчүлүктүн алкагында аныктаса, анда ал учурдагы рыноктук пайыздык ставкаларды (жана, эгер колдонулса, башка учурдагы баалоолорду жана божомолдорду) бардык мезгилдерде бардык ушундай милдеттенмелерге карата алар төлөнгөнгө чейин ыраттуу колдонушу керек.

### Колдонулган практиканы колдонууну улантуу

25 Камсыздандыруучу төмөнкү практикалык ыкмаларды колдонууну уланта алат, бирок аларды колдонуп баштай албайт, анткени бул 22-пунктка каршы келет:

(a) дисконттолбогон негизде камсыздандыруу милдеттенмелерин баалоо;

(b) келишимде аныкталган инвестицияларды башкаруу үчүн келечектеги сыйакыларга болгон укукту рыноктун башка катышуучулары окшош кызмат көрсөтүүлөр үчүн алган учурдагы сыйакыларга салыштыруу аркылуу алынган алардын болжолдуу адилет наркынан ашыкча суммада баалоо. Ушул адилет нарк көрсөтүлгөн келишимдик укуктар пайда болгон учурда ушул келишимди түзүү чыгымдарына барабар болушу мүмкүн, инвестицияларды башкаруу үчүн келечектеги сыйакылар жана алар менен байланышкан чыгымдар рыноктун салыштырма көрсөткүчтөрүнө шайкеш келбеген учурлардан тышкары;

(c) туунду ишканалар бекиткен камсыздандыруу келишимдери боюнча бирдиктүү эсеп саясатынан башка эсеп саясатын колдонуу (жана алардын тийиштүү кийинкиге жылдырылган сатып алуу чыгымдарын жана материалдык эмес активдерин, эгер мындайлар болсо), 24-пунктунда уруксат берилген учурлардан тышкары. Эгер ушундай эсеп саясаты бирдиктүү эсеп саясатынан айырмаланса, анда

[3] Ушул пунктта камсыздандыруу милдеттенмелери, 31 жана 32-пункттарда сыпатталгандай, алар менен байланышкан кийинкиге калтырылган сатып алуу чыгымдарын жана материалдык эмес активдерди камтыйт.

© ФОЭС Фонду

камсыздандыруучу аны өзгөртө алат, эгер бул өзгөртүү эсеп саясатындагы андан чоң айырмаларга алып келбесе, ошондой эле ушул ФОЭСтин башка талаптарын канааттандырса.

## Этияттуулук

26 Ашыкча этияттуулукту жоюу үчүн камсыздандыруучудан камсыздандыруу келишимдери боюнча өзүнүн эсеп саясатын өзгөртүү талап кылынбайт. Бирок, эгер камсыздандыруучу өзүнүн камсыздандыруу келишимдерин буга чейин жетиштүү этияттуулук менен бааласа, анда ага аны күчөтүүнүн кереги жок.

## Келечектеги инвестициялык маржа

27 Келечектеги инвестициялык маржаны жоюу үчүн камсыздандыруучудан камсыздандыруу келишимдери боюнча өзүнүн эсеп саясатын өзгөртүү талап кылынбайт. Бирок, эгер камсыздандыруучу камсыздандыруу келишимдерин баалоодо келечектеги инвестициялык маржаны чагылдырган эсеп саясатын кабыл алса, ушундай маржа келишимдер боюнча төлөмдөргө таасир тийгизген учурлардан тышкары, анын финансылык отчеттуулугунун жөндүүлүгү жана ишенимдүүлүгү төмөндөйт деген четке кагылган божомол бар. Андан кийин ушундай маржаны чагылдырган эсеп саясатынын эки мисалы келтирилет:

(a) камсыздандыруучунун активдеринин эсептик кирешелүүлүгүн чагылдырган дисконттоо ставкасын колдонуу; же

(b) кирешелүүлүктүн эсептик ставкасы боюнча камсыздандыруучунун активдери боюнча кирешелерди болжолдоо, башка ставка боюнча болжондонгон кирешелерди дисконттоо жана натыйжаны милдеттенмени баалоого киргизүү.

28 Камсыздандыруучу 17-пунктунда сыпатталган четке кагылган божомолду төгүндөй алат, эгер эсеп саясатынын өзгөрүшүнүн башка аспекттери анын финансылык отчеттуулугунун жөндүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн келечектеги инвестициялык маржаны киргизүүдөн келип чыккан жөндүүлүктүн жана ишенимдүүлүктүн төмөндөшүнөн ашып түшкөндөй деңгээлде жогорулаткан учурда гана. Мисалы камсыздандыруу келишимдери боюнча колдонулган эсеп саясаты аларды бекитүүдө кабыл алынган ашыкча этияттуулук божомолдорун жана рыноктук шарттарды эске албастан, ошондой эле айрым камтылган опциондорго жана кепилдиктерге карабастан, жөнгө салуучу орган тарабынан белгиленген дисконттоо ставкасын камтыйт дейли. Камсыздандыруучу кеңири колдонгон жана төмөнкүлөрдү камтыган, инвесторго багытталган комплекстүү эсепке алууга өтүү аркылуу өзүнүн финансылык отчеттуулугунун ишенимдүүлүгүн төмөндөтпөстөн, анын кыйла жөндүүлүгүн жогорулата алат:

(a) учурдагы баалоолорду жана божомолдорду;

(b) тобокелдикти жана айкын эместикти чагылдыруу үчүн акылга сыярлык (бирок ашыкча этияттуу эмес) оңдоп-түзөтүүнү;

(c) камтылган опциондордун жана кепилдиктердин ички наркын дагы жана убакыт ичиндеги наркын дагы чагылдырган баалоолорду; жана

(d) учурдагы рыноктук дисконттоо ставкасын, ушул дисконттоо ставкасы камсыздандыруучунун активдеринин эсептик кирешелүүлүгүн чагылдырса дагы.

29 Айрым баалоо ыкмалары келечектеги пайда маржасынын келтирилген наркын аныктоо үчүн дисконттоо ставкасын колдонууну талап кылат. Андан кийин ушул пайда маржасы кандайдыр бир формулага ылайык айрым мезгилдер аралык бөлүштүрүлөт. Ушундай ыкмаларда дисконттоо ставкасы милдеттенмени баалоого кыйыр гана таасир тийгизет. Тактап айтканда туура эмес дисконттоо ставкасын колдонуу пайда болгондо милдеттенмени баалоого чектелүү таасир тийгизет же таасир тийгизбейт. Бирок башка ыкмаларда дисконттоо ставкасы милдеттенмени баалоого түздөн-түз таасир тийгизет.

Акыркы учурда, активдерге негизделген дисконттоо ставкасын колдонуу көбүрөөк маанилүү таасир тийгизгендиктен, камсыздандыруучу 27-пунктта сыпатталган четке кагылган божомолду төгүнгө чыгарышынын ыктымалдыгы аз.

### Эквиваленттик эсепке алуу

30 Эсепке алуунун айрым моделдеринде камсыздандыруучунун активдери боюнча ишке ашырылган пайдалар жана зыяндар (a) анын камсыздандыруу милдеттенмелеринин бөлүгүн же бардыгын, 31 жана 32-пункттарында сыпатталган (b) алар менен байланышкан кийинкиге калтырылган сатып алуу чыгымдарын жана (c) алар менен байланышкан материалдык эмес активдерди баалоого түздөн-түз таасир тийгизет. Камсыздандыруучуга эсеп саясатын актив боюнча таанылган, бирок ишке ашырылбаган пайда же зыян ишке ашырылган пайда же зыян аталган баалоолорго таасир көрсөткөндөй, аларга таасир көрсөткөндөй кылып өзгөртүүгө уруксат берилет, бирок талап кылынбайт. Камсыздандыруу милдеттенмесин (же кийинкиге калтырылган сатып алуу чыгымдарын жана материалдык эмес активдерди) тийиштүү оңдоп-түзөө, эгер ишке ашырылбаган пайдалар же зыяндар башка жыйынды кирешенин курамында таанылган учурда гана, башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга тийиш. Мындай практиканы кээде «эквиваленттик эсепке алуу» деп аташат.

## Бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдүн алкагында же портфелди өткөрүп берүүдө алынган камсыздандыруу келишимдери

31 ФОЭС (IFRS) 3тү сактоо үчүн камсыздандыруучу кабыл алынуучу камсыздандыруу милдеттенмелерин жана сатып алынуучу *камсыздандырууга байланышкан активдерди* алуу күнүнө карата адилет нарк боюнча баалашы керек. Бирок камсыздандыруучуга кеңири көрсөтүүнү колдонууга уруксат берилет, бирок талап кылынбайт, анда алынган камсыздандыруу милдеттенмелеринин адилет наркы эки компонентке бөлүнөт:

(a) камсыздандыруучу чыгарган камсыздандыруу келишимдери боюнча анын эсеп саясатына ылайык бааланган милдеттенме; жана

(b) (i) камсыздандыруу келишимдери боюнча алынган укуктардын жана камсыздандыруу келишимдери боюнча өзүнө кабыл алган милдеттенмелердин адилет наркы менен (ii) (a) пунктунда сыпатталган сумманын ортосундагы айырманы көрсөткөн материалдык эмес актив. Ушул активди кийинки баалоо аны менен байланышкан камсыздандыруу милдеттенмесин баалоого шайкеш келиши керек.

32 Камсыздандыруу келишимдер портфелин алган камсыздандыруучу 31-пунктунда сыпатталган кеңири көрсөтүүнү колдоно алат.

33 31 жана 32-пункттарында сыпатталган материалдык эмес активдер «*Активдердин наркынын түшүшү»* ФОЭС (IAS) 36нын жана ФОЭС (IAS) 38дин колдонуу чөйрөсүнөн чыгарылат. Бирок ФОЭС (IAS) 36 жана ФОЭС (IAS) 38 кардарлар базасына жана бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдүн же портфелди өткөрүп берүү күнүнө карата колдонулган камсыздандыруу келишимдери боюнча укуктардын жана милдеттердин бөлүгү болуп саналбаган келечектеги келишимдердин күтүлүүчү бөлүгүн чагылдырган кардарлар менен болгон мамилелерге колдонулат.

## Дискрециялык катышуу шарттары

### Камсыздандыруу келишимдериндеги дискрециялык катышуу шарттары

34 Айрым камсыздандыруу келишимдери дискрециялык катышуу шартын кепилденбеген мүмкүнчүлүк катары, ошондой эле *кепилденген элементти* камтыйт. Ушундай келишимдин эмитенти:

(a) кепилденген элементти дискрециялык катышуу шарттарынан өзүнчө тааный алат, бирок милдеттүү эмес. Эгер эмитент аларды өзүнчө таанытбаса, анда ал бүтүндөй келишимди милдеттенме катарында классификациялоого тийиш. Эгер эмитент аларды өзүнчө классифицикацияласа, анда ал кепилденген элементти милдеттенме катарында классификациялашы керек;

(b) эгер ал дискрециялык катышуу шартын кепилденген элементтен өзүнчө тааныса, анда ал мындай шартты же милдеттенме катарында, же капиталдын өзүнчө компоненти катарында классификациялашы керек. Ушул ФОЭС эмитент ушундай шарт милдеттенме же капитал болуп саналар/саналбасын кантип аныктай тургандыгын көрсөтпөйт. Эмитент аталган шарттарды милдеттенменин жана капиталдын компоненттерине ажырата алат жана ушундай ажыратуу боюнча ырааттуу эсеп саясатын колдонушу керек. Эмитент аталган шарттарды же милдеттенме, же капитал болуп саналбаган орто аралык категория катарында классификациялай албайт;

(c) бардык алынган премияны, капиталдын компонентине таандык бөлүгүн бөлбөстөн, түшкөн киреше катарында тааный алат. Милдеттенме катарында классификацияланган бөлүгүндө кепилденген элементтин жана дискрециялык катышуу шартынын пайда болгон өзгөрүүлөрү пайданын же зыяндын курамында чагылдырылууга тийиш. Эгер дискрециялык катышуу шартынын бөлүгү же бардыгы капиталга классификацияланса, анда пайданын же зыяндын бөлүгү аталган дискрециялык катышуу шартына киргизилиши мүмкүн (ушундай эле жол менен кандайдыр бир бөлүгү акционерлердин контролдонбоочу үлүшүнө киргизилиши мүмкүн). Эмитент дискрециялык катышуу шартында капиталдын компонентине киргизилген пайданын же зыяндын тийиштүү бөлүгүн чыгаша же киреше катарында эмес, пайданын же чыгымдын эсептерине жайгаштыруу катарында таанышы керек (*«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1ди караңыз);

(d) эгер келишим ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирген камтылган туунду инструментти камтыса, ФОЭС (IFRS) 9ду ушул камтылган туунду инструментке колдонууга тийиш;

(e) 14 - 20 жана 34(a) - (d)-пункттарында сыпатталбаган бардык мамилелерде ушундай келишимдер боюнча колдонулган эсеп саясатын колдонууну улантышы керек, эгер ал ушул эсеп саясатын 21-30-пункттарга тийиштүү ыкма менен өзгөртпөсө гана.

## Финансылык инструменттердеги дискрециялык катышуу шарттары

35 34-пункттун талаптары дискрециялык катышуу шартын камтыган финансылык инструментке дагы колдонулат. Андан тышкары:

(a) эгер эмитент дискрециялык катышуу шартын толугу менен милдеттенме катарында тааныса, анда ал бүтүндөй келишимге карата (б.а. кепилденген элементке дагы, дискрециялык катышуу шартына дагы) 15-19-пункттарында сыпатталган милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүүнү жүргүзүүгө тийиш. Эмитенттен ФОЭС (IFRS) 9ду кепилденген элементке колдонуунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн сумманы аныктоо талап кылынбайт;

(b) эгер эмитент аталган шартты, кандайдыр бир бөлүгүн же толугу менен, капиталдын өзүнчө компоненти катарында классификацияласа, анда бүтүндөй келишим боюнча таанылган милдеттенме ФОЭС (IFRS) 9ду кепилденген элементке колдонуунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн суммадан кем болбошу керек. Ушул сумма келишимден баш тартуу мүмкүндүгүнүн ички наркын камтууга тийиш, бирок, эгер 9-пунктка ылайык мындай мүмкүндүк адилет нарк боюнча баалоодон бошотулса, анын убакыт ичиндеги наркын киргизүү милдеттүү эмес. Эмитенттен ФОЭС (IFRS) 9ду кепилденген элементке колдонуунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн

суmmаны ачып көрсөтүү жана ушул сумманы өзүнчө көрсөтүү талап кылынбайт. Ошондой эле эмитенттен мындай сумманы аныктоо талап кылынбайт, эгер таанылган милдеттенменин жалпы көлөмү андан ачык эле ашса;

(c) ушул келишимдер финансылык инструменттер болуп саналса дагы, эмитент ушундай келишимдер боюнча премияны түшкөн киреше катарында таанууну жана милдеттенменин баланстык наркынын пайда болгон көбөйүшүн чыгаша катарында таанууну уланта алат;

(d) ушул келишимдер финансылык инструменттер болуп саналса дагы, ФОЭС (IFRS) 7нин 20(b)-пунктун дискрециялык катышуу шартын караган келишимдерге колдонгон эмитент пайданын же чыгымдын курамында таанылган пайыздык чыгымдардын жалпы суммасын ачып көрсөтүшү керек, бирок натыйжалуу пайыздык ставка методун колдонуу менен пайыздык чыгашалардын тийиштүү суммасын эсептөөгө милдеттүү эмес.

35A 35A. 20A, 20L жана 20O-пункттарындагы убактылуу бошотуулар жана 35B-пунктундагы кошуу ыкмасы дискрециялык катышуу шартын камтыган финансылык инструменттин эмитенти үчүн дагы жеткиликтүү. Натыйжада, камсыздандыруучуга жүктөлгөн 3 (a) –3 (b), 20A – 20Q, 35B – 35N, 39B – 39M жана 46–49-пункттарындагы бардык шилтемелер дискрециялык катышуу шартын камтыган финансылык инструменттин эмитентине дагы тийиштүү катарында каралышы керек.

## Маалымат берүү

### Кошуу ыкмасы

**35B Камсыздандыруучуга белгилүү бир финансылык активдерге кошуу ыкмасын колдонууга уруксат берилет, бирок талап кылынбайт. Кошуу ыкмасын колдонгон камсыздандыруучу төмөнкүлөргө тийиш:**

**(a) белгиленген финансылык активдер үчүн отчеттук мезгилдин аягындагы пайда жана зыян, эгер камсыздандыруучу ФОЭС (IAS) 39ду белгиленген финансылык активдерге колдонгондой деңгээлге алып келген, пайда же зыян менен башка жыйынды кирешенин ортосундагы сумманы кайра классификациялоого. Натыйжада, кайра классификацияланган сумма төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырмага барабар:**

**(i) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык белгиленген финансылык активдер үчүн пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган сумманын; жана**

**(ii) эгер камсыздандыруучу ФОЭС (IAS) 39ду колдонгон болсо, белгиленген финансылык активдер боюнча пайданын же зыяндын курамында чагылдырылышы мүмкүн сумманын.**

**(b) калган бардык колдонулуучу ФОЭСтерди өзүнүн финансылык инструменттерине колдонууга, ушул ФОЭСтин 35B – 35N, 39K – 39M жана 48–49-пункттарында сыпатталган учурлардан тышкары.**

**35C Камсыздандыруучу, ал ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонгондо гана, анын ичинен төмөнкүлөрдү алдын ала колдонгондон кийин ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонгондо гана, 35B-пунктунда сыпатталган кошуу ыкмасын колдонууну чече алат:**

**(a) 20A-пунктунда сыпатталган ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну; же**

**(b) ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.1(c), 5.7.7–5.7.9, 7.2.14 жана B5.7.5– B5.7.20-пункттарында пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууччу**

**катарында аныкталган финансылык милдеттенмелер боюнча пайдаларды жана зыяндарды көрсөтүү талаптарын гана.**

35D Камсыздандыруучу кошуу ыкмасын колдонуу менен пайда же зыян менен башка жыйынды кирешенин ортосундагы кайра классификацияланган сумманы берүүгө тийиш:

(a) пайданын же зыяндын курамында өзүнчө сап менен; жана

(b) башка жыйынды кирешеде башка жыйынды кирешенин өзүнчө компоненти катарында.

35E Финансылык актив, эгер төмөнкүдөй критерийлер аткарылса гана, кощуу ыкмасын аныктоо укугуна ээ болот:

(a) ал ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланат, бирок негизинен ФОЭС (IAS) 39ду колдонуу менен пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланмак эмес; жана

(b) ал ушул ФОЭСтин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдер менен байланышпаган ишмердүүлүк боюнча кармалып турбайт. Кошуу ыкмасын колдонуу үчүн ылайык келбеген финансылык активдердин мисалдары болуп банк иши боюнча кармалып турган активдер же ушул ФОЭСтин алкагынан тышкаркы инвестициялык келишимдерге тийиштүү фонддордо кармалып турган финансылык активдер саналат.

35F Эгер камсыздандыруучу кошуу ыкмасын колдонууну чечсе, ал кошуу ыкмасы үчүн ылайыктуу финансылык активди аныктай алат (35C-пунктун караңыз). Натыйжада, ал кошуу ыкмасы үчүн ылайыктуу финансылык активди төмөнкү учурларда гана аныктай алат:

(a) ушул актив алгачкы таанылса; же

(b) ушул актив 35E(b)-пунктунун критерийине жаңыдан жооп берсе, бирок мурда ушул критерийге жооп бербесе.

35G Камсыздандыруучуга 35F-пунктун ар бир аспапка өзүнчө колдонуу менен кошуу ыкмасы үчүн ылайыктуу финансылык активдерди аныктоого уруксат берилет.

35H Эгер бул колдонулса, 35F(b)-пунктун колдонуу менен жаңы аныкталган финансылык активге кошуу ыкмасын колдонуу максатында:

(a) аныктоо күнүнө карата анын адилет наркы амортизацияланган нарк боюнча анын жаңы баланстык наркы болушу керек; жана

(b) натыйжалуу пайыздык ставка аныктоо күнүнө карата анын адилет наркынын негизинде аныкталууга тийиш.

35I Ишкана белгиленген финансылык активге кошуу ыкмасын ушул финансылык активди таануу токтотулганга чейин колдонууну улантууга тийиш. Бирок ишкана:

(a) финансылык актив 35E(b)-пунктунун критерийине мындан ары шайкеш келбегенде, финансылык активдин багытын жокко чыгарышы керек. Мисалы, ишкана өзүнүн банктык иши боюнча ушул активди кармоо үчүн аны өткөрүп берсе же ишкана камсыздандыруучу болбой калса, финансылык актив мындан ары ушул критерийге шайкеш келбейт.

(b) каалаган жылдык мезгилдин башында бардык белгиленген финансылык активдерге кошуу ыкмасын колдонууну токтото алат. Кошуу ыкмасын колдонууну токтотууну чечкен ишкана эсеп саясатындагы өзгөрүүлөрдү эсепке алуу үчүн ФОЭС (IAS) 8ди колдонууга тийиш.

35J Ишкана 35I(a)-пунктуна ылайык финансылык активди классификациялоону жокко чыгарганда, ал пайдага же зыянга топтолгон башка жыйынды кирешеден ушул финансылык активге таандык бардык калдыкты кайра классификациялоодо ондоп-түзөө катарында (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кайра классификациялашы керек.

35K Эгер ишкана 35I(b)-пунктундагы тандоону колдонуу менен же ал мындан ары камсыздандыруучу болбогондуктан, кошуу ыкмасын колдонууну токтотсо, ал кийин кошуу ыкмасын колдонбошу керек. Кошуу ыкмасын колдонууну чечкен (35C-пунктун караңыз), бирок ылайыктуу финансылык активдери болбогон (35E-пунктун караңыз) камсыздандыруучу, эгер анда ылайыктуу финансылык активдер болсо, кийин кошуу ыкмасын колдоно алат.

### Башка талаптар менен өз ара аракеттенүү

35L Ушул ФОЭСтин 30-пункту кээде «эквиваленттик эсеп» деп аталган практикага уруксат берет. Эгер камсыздандыруучу кошуу ыкмасын колдонсо, эквиваленттик эсепти колдоно алат.

35M 35B-пунктун колдонуу менен пайда же зыян менен башка жыйынды кирешенин ортосундагы сумманы кайра классификациялоо пайда салыгы сыяктуу башка жыйынды кирешеге башка суммаларды киргизүү үчүн кыйыр кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Камсыздандыруучу *«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12 сыяктуу тийиштүү ФОЭСти ушундай терс таасирлерди аныктоо үчүн колдонушу керек.

*ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана*

35N Эгер ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана кошуу ыкмасын колдонууну чечсе, ал кошуу ыкмасын чагылдыруу үчүн салыштырмалуу маалыматты кайра эсептөөгө жана көрсөтүүгө тийиш, эгер ал салыштырмалуу маалыматты ФОЭС (IFRS) 9га ылайык кайра эсептесе гана (ФОЭС (IFRS) 1дин E1 – E2-пункттарын караңыз).

## Маалыматты ачып көрсөтүү

### Таанылган суммаларды түшүндүрүү

**36 Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон, анын финансылык отчеттуулугунда чагылдырылган суммаларды идентификациялаган жана түшүндүргөн маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

37 36-пункттун талаптарын аткаруу үчүн камсыздандыруучу төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүшү керек:

(a) камсыздандыруу келишимдери жана алар менен байланышкан активдер, милдеттенмелер, кирешелер жана чыгашалар боюнча өзүнүн эсеп саясатын;

(b) камсыздандыруу келишимдери менен байланышкан таанылган активдерди, милдеттенмелерди, кирешелерди жана чыгашаларды (жана, эгер ал акча каражаттарынын кыймылы, акча каражаттарынын агымы жөнүндө өзүнүн отчетун берүү үчүн тикелей методду колдонсо). Ошондой эле, эгер камсыздандыруучу цедент болуп саналса, анда ал төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(i) пайданын же зыяндын курамында таанылган, кайра камсыздандырууну сатып алуудан түшкөн пайдаларды же зыяндарды; жана

(ii) эгер цедент кайра камсыздандырууну сатып алууга байланыштуу пайда болгон пайдаларды жана зыяндарды кийинкиге калтырса жана амортизацияласа, анда мезгилдеги амортизацияны жана тийиштүү мезгилдин башына жана аягына карата аягына чейин амортизацияланбаган суммаларды.

© ФОЭС Фонду

(c) (b) пунктунда сыпатталган таанылган суммаларды баалоого эң чоң таасир тийгизген божомолдорду аныктоо үчүн колдонулуучу процессти. Эгер мүмкүн болсо, камсыздандыруучу ушундай божомолдор боюнча сандык маалыматты ачып көрсөтүшү керек;

(d) финансылык отчеттуулукка олуттуу таасир тийгизген ар бир өзгөрүүнүн таасирин өзүнчө көрсөтүү менен, камсыздандырууга байланышкан активдерди жана камсыздандыруу милдеттенмелерин баалоодо колдонулуучу божомолдордун өзгөрүүлөрүнүн таасирин;

(e) камсыздандыруу милдеттенмелериндеги, кайра камсыздандырууга байланышкан активдердеги өзгөрүүлөрдү, болсо, алар менен байланышкан кийинкиге калтырылган сатып алуу чыгымдарын салыштырууну.

## Камсыздандыруу келишимдерине байланышкан тобкелдиктердин мүнөзү жана көлөмү

38 Камсыздандыруучу финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон тобкелдиктердин мүнөзүн жана көлөмүн баалоого мүмкүндүк берген маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

39 38-пункттун талаптарын аткаруу үчүн камсыздандыруучу төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүшү керек:

(a) камсыздандыруу келишимдерине байланышкан тобкелдиктерди башкаруу максатын, саясатын жана процесстерин, ошондой эле тобокелдиктерди башкаруунун колдонулган методдорун;

(b) [алып салынган]

(c) *камсыздандыруу тобокелдиги* тууралуу маалыматты (кайра камсыздандыруунун натыйжасында ал азайганга чейин дагы, кийин дагы), төмөнкүлөр тууралуу маалыматты кошкондо:

(i) камсыздандыруу тобокелдигине карата сезгичтикти (39А-пунктун караңыз);

(ii) камсыздандыруу тобокелдигинин концентрацияларын, камсыздандыруу тобокелдигинин концентрацияларын аныктоо үчүн ишкана колдонгон методдордун сыпаттамасын жана ар бир концентрацияны (мисалы камсыздандыруу учурунун түрүн, географиялык регионду же валютаны) аныктаган жалпы мүнөздөмөлөрдүн сыпаттамасын кошкондо;

(iii) мурунку эсептик баалоого салыштырмалуу иш жүзүндөгү дооматтар (б.а. дооматтардын пайда болушу). Дооматтардын пайда болушу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү дооматтар боюнча төлөмдөрдүн көлөмү жана мөөнөтү боюнча айкын эместик дагы деле болгон эң мурунку олуттуу доомат пайда болгон учурдан берки мезгилди камтууга тийиш, бирок анын он жылдан ашык мезгилди камтуусу талап кылынбайт. Камсыздандыруучудан дооматтар боюнча төлөмдөрдүн көлөмү жана мөөнөтү боюнча айкын эместик бир жылдын ичинде чечилген дооматтар тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынбайт.

(d) эгер камсыздандыруу келишимдери ФОЭС (IFRS) 7нин колдонуу чөйрөсүнө кирсе, ФОЭС (IFRS) 7нин 31-42-пункттарына ылайык милдеттүү болушу мүмкүн кредиттик тобокелдик, ликвиддүүлүк тобокелдиги жана рыноктук тобокелдик тууралуу маалыматты. Ошентсе да:

(i) эгер камсыздандыруучу таанылган камсыздандыруу милдеттенмелеринин натыйжасында акча каражаттарынын таза чыгуусунун эсептик мөөнөттөрү

тууралуу маалыматты ачып көрсөтсө, камсыздандыруучу ФОЭС (IFRS) 7нин 39(а)-пунктунда каралган төлөө мөөнөтү боюнча талдоону берүүгө милдеттүү эмес. Мындай маалымат акча каражаттарынын чыгуусунун эсептик мөөнөттөрү боюнча финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган суммаларды талдоо формасында берилиши мүмкүн;

(ii) эгер камсыздандыруучу камтылган наркты талдоо сыяктуу рынок шарттарына болгон сезгичтикти башкаруунун альтернативдүү методун колдонсо, камсыздандыруучу ФОЭС (IFRS) 7нин 40(а)-пунктунун талаптарын аткаруу үчүн ушундай сезгичтикти талдоону колдоно алат. Мындай учурда камсыздандыруучу ФОЭС (IFRS) 7нин 41-пунктунда каралган маалыматты дагы ачып көрсөтүшү керек.

(е) негизги камсыздандыруу келишиминде камтылган камтылган туунду инструменттерге байланышкан рынок тобокелдигинин таасири тууралуу маалыматты, эгер камсыздандыруучудан ушул камтылган туунду инструменттерди адилет нарк боюнча баалоо талап кылынбаса жана ал баалабаса.

39A 39(с)(i)-пунктунун талаптарын сактоо үчүн камсыздандыруучу (a) же (b) пункттарында каралган маалыматты төмөнкүчө ачып көрсөтүшү керек:

(a) отчеттук мезгилдин аягында негиздүү болушу мүмкүн тийиштүү өзгөрүлмө тобокелдигинин өзгөрүүлөрү пайдага же зыянга жана капиталга кандай таасир тийгизиши мүмкүндүгүн чагылдырган сезгичтикти талдоо; сезгичтикти талдоону даярдоодо колдонулган методдор жана божомолдор; жана мурунку мезгилге салыштырмалуу колдонулган методдордогу же божомолдордогу бардык өзгөрүүлөр. Бирок, эгер камсыздандыруучу киргизилген наркты талдоо сыяктуу рынок шарттарына болгон сезгичтикти башкаруунун альтернативдүү методун колдонсо, камсыздандыруучу ушундай сезгичтикти альтернативдүү талдоо тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү менен, ошондой эле ФОЭС (IFRS) 7нин 41-пунктунда каралган маалыматты ачып көрсөтүү менен ушундай талапты аткара алат.

(b) тобокелдикке болгон сезгичтик тууралуу жана камсыздандыруучунун акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын көлөмүнө, убакыттык бөлүштүрүлүшүнө жана айкын эместигине олуттуу таасир тийгизген камсыздандыруу келишимдеринин мөөнөттөрү жана шарттары тууралуу сыпаттама маалымат.

## ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү

**39B ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонууну чечкен камсыздандыруучу финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары үчүн маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) камсыздандыруучу убактылуу бошотуу укугун кантип алгандыгын түшүнүү үчүн; жана**

**(b) убактылуу бошотууну колдонгон камсыздандыруучуларды ФОЭС (IFRS) 9ду колдонгон ишканалар менен салыштыруу үчүн.**

39C 39B(a)-пунктуна ылайык камсыздандыруучу ал ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонгондугу жана камсыздандыруучу 20B(b)-пунктунда көрсөтүлгөн күн боюнча жыйынтыкка кантип келгендиги, ал ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу критерийлерине шайкеш келгендиги тууралуу фактыларды ачып көрсөтүшү керек, анын ичинен:

© ФОЭС Фонду

(a) эгер ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдер боюнча пайда болуучу анын милдеттенмелеринин баланстык наркы (б.а. 20E(a)-пунктунда сыпатталган милдеттенмелер) анын бардык милдеттенмелеринин жалпы баланстык наркынан аз же 90% барабар болсо, ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирбеген келишимдерден пайда болуучу милдеттенмелер болуп саналбаган, камсыздандыруу менен байланышкан милдеттенмелердин мүнөзү жана баланстык наркы (б.а. 20E(b) жана 20E(c)-пункттарында сыпатталган милдеттенмелер);

(b) эгер камсыздандыруу менен байланышкан анын милдеттенмелеринин жалпы баланстык наркынын пайызы анын бардык милдеттенмелеринин жалпы баланстык наркына карата аз же 90 пайызга барабар, бирок 80 пайыздан көп болсо, камсыздандыруучу ал камсыздандыруу менен байланышпаган олуттуу ишмердүүлүк менен алектенгендигин кантип аныктады, анын ичинен ал кандай маалыматты караган; жана

(c) эгер камсыздандыруучу 20G(b)-пунктун колдонуу менен кайра баалоонун негизинде ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу укугуна ээ болсо:

(i) кайра баалоо себебин;

(ii) анын ишмердүүлүгүндө тийиштүү өзгөрүү болгон күндү; жана

(iii) анын ишмердүүлүгүндөгү өзгөрүүнү толук түшүндүрүүнү жана ушул өзгөрүүнүн камсыздандыруучунун финансылык отчеттуулугуна тийгизген таасирин сапаттуу сыпаттоону.

39D Эгер 20G(a)-пунктун колдонуу менен ишкана анын ишмердүүлүгү мындан ары камсыздандыруу менен байланышпайт деген жыйынтыкка келсе, ал ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуп баштоодон мурун ар бир отчеттук мезгилде төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) ал мындан ары ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу критерийлерине шайкеш келбегендиги тууралуу фактыны;

(b) анын ишмердүүлүгүндө тийиштүү өзгөрүү болгон күндү; жана

(c) анын ишмердүүлүгүндөгү өзгөрүүнү толук түшүндүрүүнү жана ушул өзгөрүүнүн камсыздандыруучунун финансылык отчеттуулугуна тийгизген таасирин сапаттуу сыпаттоону.

39E 39B(b)-пунктуна ылайык камсыздандыруучу отчеттук мезгилдин аягындагы адилет наркты жана ушул мезгилдин ичинде адилет нарктын өзгөрүү суммасын төмөнкү финансылык активдердин эки тобу үчүн өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) карыздын негизги суммасынын жана негизги карыздын төлөнбөгөн суммасына пайыздардын эсебине төлөмдөрдү гана билдирген акча каражаттарынын агымдарынын көрсөтүлгөн күндө пайда болушуна алып келген келишимдик шарттары менен финансылык активдер (б.а. ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарынын шартына жооп берген финансылык активдер), ФОЭС (IFRS) 9да соодага арналган деген аныктамага шайкеш келген же башкарууда турган жана адилет нарктын негизинде натыйжалуулугу бааланган каалаган финансылык активден тышкары (ФОЭС (IFRS) 9дун B4.1.6-пунктун караңыз).

(b) бардык финансылык активдер, 39E(a)-пунктунда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары; б.а. каалаган финансылык актив:

(i) карыздын негизги суммасынын жана негизги карыздын төлөнбөгөн суммасына пайыздардын эсебине төлөмдөрдү гана билдирген акча

© ФОЭС Фонду

каражаттар агымдарынын көрсөтүлгөн күндө пайда болушуна алып келген келишимдик шарттары менен;

(ii) ФОЭС (IFRS) 9да соодага арналган деген аныктамага шайкеш келген; же

(iii) башкарууда турган жана адилет нарктын негизинде ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу бааланган.

39F 39E-пунктунда аталган маалыматты ачып көрсөтүүдө камсыздандыруучу:

(a) ФОЭС (IAS) 39ду колдонуу менен бааланган финансылык активдин баланстык наркын анын адилет наркына негиздүү жакындатылган катарында эсептей алат, эгер камсыздандыруучу ФОЭС (IFRS) 7нин 29(a)-пунктуна ылайык анын адилет наркын ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес болсо (мисалы кыска мөөнөттүү соода боюнча дебитордук карыз); жана

(b) финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары финансылык активдердин мүнөздөмөсүн түшүнүүсү үчүн зарыл такташтыруу деңгээлин эске алышы керек.

39G 39B(b)-пунктуна ылайык камсыздандыруучу 39E(a)-пунктунда сыпатталган финансылык активдерге таандык кредиттик тобокелдиктин олуттуу концентрациясын кошуу менен, кредиттик тобокелдиктин таасири тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Эң аз дегенде, камсыздандыруучу отчеттук мезгилдин аягына карата ушул финансылык активдер боюнча төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) ФОЭС (IFRS) 7де аныкталгандай, кредиттик тобокелдиктин рейтингдик класстары боюнча ФОЭС (IAS) 39ду колдонуу менен баланстык наркты (амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык активдердин учурунда, нарктын түшүү резервдерин оңдоп-түзөтүүгө чейин).

(b) 39E(a)-пунктунда сыпатталган, отчеттук мезгилдин аягына карата төмөн кредиттик тобокелдикке ээ эмес финансылык активдер үчүн, ФОЭС (IAS) 39га ылайык адилет наркты жана баланстык наркты (амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык активдердин учурунда, нарктын түшүү резервин оңдоп-түзөтүүгө чейин). ФОЭС (IFRS) 9дун B5.5.22-пунктундагы маалыматты ачып көрсөтүү максатында финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик төмөн болуп саналар/саналбасын баалоо үчүн тийиштүү талаптар каралган.

39H 39B(b)-пунктун сактоо үчүн камсыздандыруучу, тийиштүү отчеттук мезгил үчүн топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугунда берилбеген, ФОЭС (IFRS) 9га ылайык топтогу ишканага тийиштүү каалаган жалпыга жеткиликтүү маалыматты финансылык отчеттуулуктун колдонуучусу кайдан алса болоору тууралуу маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Мисалы ФОЭС (IFRS) 9га ылайык мындай маалыматты ФОЭС (IFRS) 9ду колдонгон топтогу ишкананын жалпыга жеткиликтүү өзүнчө же өзүнчө финансылык отчеттуулугунан алса болот.

39I Эгер ишкана 20O-пунктуна ылайык ФОЭС (IAS) 28дин белгилүү бир талаптарынан бошотууну колдонууну чечсе, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

39J Эгер ишкана үлүштүк катышуу методун колдонуу менен ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салган өзүнүн инвестицияларын эске алууда ФОЭС (IFRS) 9 боюнча убактылуу бошотууну колдонсо (мисалы 20O(a)-пунктун караңыз), ишкана «*Башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IFRS) 12 талап кылган маалыматка кошумча катарында төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) ишкана үчүн маанилүү болгон ар бир ассоциацияланган же биргелешкен ишкана үчүн 39B – 39H-пункттарында сыпатталган маалыматты. Үлүштүк катышуу методун колдонууда ишкана жасаган бардык оңдоп-түзөтүүлөр чагылдырылгандан

кийин ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын ФОЭС боюнча финансылык отчеттуулугуна киргизилген суммалар (ФОЭС (IFRS) 12нин B14(a)-пунктун караңыз) ишкананын ушул суммалардагы үлүштөрү эмес, ачып көрсөтүлгөн суммалар болушу керек.

(b) 39B – 39H-пункттарында сыпатталган сандык маалыматты, бардык жеке маанилүү эмес ассоциацияланган ишканалар же биргелешкен ишканалар боюнча жалпысынан. Жалпы суммалар:

(i) ишкананын ушул суммалардагы үлүштөрү ачып көрсөтүлүшү керек; жана

(ii) ассоциацияланган ишканалар үчүн биргелешкен ишканалар үчүн ачып көрсөтүлүүчү жалпы суммалардан өзүнчө ачылып көрсөтүлүүгө тийиш.

## Кошуу ыкмасы тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү

39K Кошуу ыкмасын колдонгон камсыздандыруучу финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары түшүнө ала турган маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) отчеттук мезгилде пайда же зыян менен башка жыйынды кирешенин ортосунда кайра классификацияланган жалпы сумма кантип эсептелээрин; жана

(b) ушундай кайра классификациялоонун финансылык отчеттуулукка тийгизген таасирин.

39L 39K-пунктуна ылайык камсыздандыруучу төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ал кошуу ыкмасын колдоноору тууралуу фактыны;

(b) камсыздандыруучу финансылык активдердин класстары боюнча кошуу ыкмасын колдонгон отчеттук мезгилдин аягына карата финансылык активдердин баланстык наркын;

(c) кошуу ыкмасы үчүн финансылык активдерди аныктоо негизин, ушул ФОЭСтин алкагында келишимдерди түзгөн юридикалык жактын чегинен тышкары кармалып турган бардык белгиленген финансылык активдерди түшүндүрүүнү кошкондо;

(d) отчеттук мезгилде пайда же зыян башка жыйынды кирешенин ортосунда кайра классификацияланган жалпы сумманы, финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары ушул сумма кантип алынганын түшүнгөндөй кылып түшүндүрүүнү, төмөнкүлөрдү кошкондо:

(i) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык белгилүү бир финансылык активдер үчүн пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган суммаларды; жана

(ii) эгер камсыздандыруучу ФОЭС (IAS) 39ду колдонгон болсо, белгилүү бир финансылык активдер боюнча пайданын же зыяндын курамында чагылдырылышы мүмкүн сумманы.

(e) пайдада же зыянда ар бир таасир эткен беренеге 35B жана 35M-пункттарында сыпатталган кайра классификациялоонун таасирин; жана

(f) эгер отчеттук мезгилдин ичинде камсыздандыруучу финансылык активдердин багытын өзгөртсө:

(i) кошуу ыкмасын колдонуу менен жаңы белгиленген финансылык активдерге тийиштүү отчеттук мезгилде пайда же зыян менен башка жыйынды кирешенин ортосунда кайра классификацияланган сумманы (35F(b)-пунктун караңыз);

(ii) эгер финансылык активдер жокко чыгарылбаган болсо, отчеттук мезгилде пайда же зыян менен башка жыйынды кирешенин ортосунда кайра классификацияланышы мүмкүн сумманы (35I(a)-пунктун караңыз); жана

(iii) категориядан алып салынган финансылык активдер үчүн топтолгон башка жыйынды кирешеден отчеттук мезгилде пайдага же зыянга кайра классифицияланган сумманы (35J-пунктун караңыз).

39M Эгер ишкана үлүштүк катышуу методун колдонуу менен ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салган өзүнүн инвестицияларын эсепке алууда кошуу ыкмасын колдонсо, ал ФОЭС (IFRS) 12 талап кылган маалыматка кошумча катарында төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ишкана үчүн маанилүү болгон ар бир ассоциацияланган же биргелешкен ишкана үчүн 39K – 39L-пункттарында сыпатталган маалыматты. Үлүштүк катышуу методун колдонууда ишкана жасаган бардык оңдоп-түзөтүүлөр чагылдырылгандан кийин ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын ФОЭС боюнча финансылык отчеттуулугуна киргизилген суммалар (ФОЭС (IFRS) 12нин B14(a)-пунктун караңыз) ишкананын ушул суммалардагы үлүштөрү эмес, ачып көрсөтүлгөн суммалар болушу керек.

(b) 39K – 39L(d) жана 39L(f)-пункттарында сыпатталган сандык маалыматты жана 35B-пунктунда сыпатталган кайра классификациянын бардык жеке маанилүү эмес ассоциацияланган ишканалар же биргелешкен ишканалар боюнча жалпысынан пайдага же зыянга жана башка жыйынды кирешеге болгон таасирин. Жалпы суммалар:

(i) ачып көрсөтүлүп жаткан суммалар ишкананын ушул суммалардагы үлүшүн чагылдырышы керек; жана

(ii) ассоциацияланган ишканалар үчүн алар биргелешкен ишканалар үчүн ачып көрсөтүлүүчү жалпы суммалардан өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш.

## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

40 41-45-пункттардагы өткөөл мезгилдин шарттары Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын (ФОЭС) буга чейин колдонуп жаткан ишкананын ушул ФОЭСти алгачкы колдонгон учуруна дагы, ишкананын Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын (ФОЭС) алгачкы колдонгон учуруна дагы (ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана) колдонулат.

41 Ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонушу керек. Эгер ишкана ушул ФОЭСти алда канча эрте мезгилге колдонсо, анда ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

41A 2005-жылдын августунда кабыл алынган *Финансылык кепилдик келишимдери* (ФОЭС (IAS) 39га жана ФОЭС (IFRS) 4кө түзөтүүлөр) 4(d), B18(g) жана B19(f)-пункттарын өзгөрттү. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2006-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонушу керек. Бул мөөнөттөн эрте колдонуу кубатталат. Эгер ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге колдонсо, анда ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш жана ФОЭС (IAS) 39дун жана ФОЭС (IFRS) 32нин[4] тийиштүү түзөтүүлөрүн бир эле убакта колдонушу керек.

41B ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында (ФОЭС) колдонулган терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Ошондой эле ал 30-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-

[4] Эгер ишкана ФОЭС (IFRS) 7ни колдонсо, ФОЭС (IAS) 32ге шилтемелер ФОЭС (IFRS) 7ге болгон шилтемелер менен алмаштырылат.

© ФОЭС Фонду

январынан же ушул датадан кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонушу керек. Эгер ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилге колдонсо, ушул түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

41C [Алып салынган]

41D [Алып салынган]

41E 2011-жылдын майында чыккан *«Адилет наркты баалоо»* ФОЭС (IFRS) 13 А тиркемесиндеги адилет нарктын аныктамасына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13тү колдонгондо колдонушу керек.

41F [Алып салынган]

41G 2014-жылдын майында чыккан *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 4(a) жана (c), B7, B18 (h) жана B21-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15ти колдонгондо колдонушу керек.

41H 2014-жылдын июлунда чыккан ФОЭС (IFRS) 9 А тиркемесинин 3, 4, 7, 8, 12, 34, 35, 45-пункттарына жана B18 – B20-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди, 41C, 41D жана 41F-пункттарын алып салды. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонгондо колдонушу керек.

41I 2016-жылдын январында чыккан ФОЭС (IFRS) 16 4-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонгондо колдонушу керек.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

42 Ишканадан ушул ФОЭСте камтылган маалыматты ачып көрсөтүү боюнча талаптарды 2005-жылдын 1-январына чейин башталган жылдык мезгилдерге тийиштүү салыштырмалуу маалыматка колдонуу талап кылынбайт, 37(a) жана (b)-пунктунун талаптарына ылайык эсеп саясатын, таанылган активдерди, милдеттенмелерди, кирешелерди жана чыгашаларды ачып көрсөтүүдөн тышкары (жана, эгер ал тикелей методду колдонсо, акча каражаттарынын кыймылы, акча каражаттарынын агымы жөнүндө отчетту).

43 Эгер 10-35-пункттардын конкреттүү талаптарын 2005-жылдын 1-январына чейин башталган жылдык мезгилдерге тийиштүү салыштырмалуу маалыматка практикада колдонуу мүмкүн эмес болсо, анда ишкана ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек. Ушундай салыштырма маалыматка карата милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүү (15-19-пункттар) кээде практикада мүмкүн эмес болушу мүмкүн, бирок 10-35-пункттардын башка талаптарын ушундай салыштырмалуу маалыматка колдонуу мүмкүн эмес болушу күмөн. ФОЭС (IAS) 8 «практикада колдонуу мүмкүн эмес» деген терминдин маанисин түшүндүрөт.

44 39(c)(iii)-пунктун колдонууда ишканадан ал ушул ФОЭСти колдонгон биринчи финансылык жылдын аягына чейин беш жыл мурунку мезгилдеги доомattардын пайда болушу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынбайт. Ошондой эле, эгер ишкана ушул ФОЭСти алгачкы колдонууда ал ушул ФОЭСке шайкеш келген толук салыштырмалуу маалыматты берген эң эрте мезгилдин башына чейин орун алган доомattарды пайда болушу жөнүндө маалыматты даярдоо практикада мүмкүн эмес болсо, анда ишкана ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

## Финансылык активдердин багытын өзгөртүү

45 ФОЭС (IFRS) 9дун 4.4.1-пунктунун шарттарына карабастан, камсыздандыруучу камсыздандыруу милдеттенмелери боюнча өзүнүн эсеп саясатын өзгөртсө, анда ага айрым же бардык финансылык активдерин, алар адилет нарк боюнча бааланғандай кылып кайра классификациялоого уруксат берилет, бирок талап кылынбайт. Камсыздандыруучу ушул

ФОЭСти алгачкы колдонууда өзүнүн эсеп саясатын өзгөрткөндө жана 22-пунктунда уруксат берилген эсеп саясатын кийин өзгөртүүнү жүргүзгөндө ушул кайра классификациялоого уруксат берилет. Ушул кайра классификациялоо эсеп саясатын өзгөртүү болуп саналат жана ага ФОЭС (IAS) 8 колдонулат.

## ФОЭС (IFRS) 4тү ФОЭС (IFRS) 9га колдонуу

### ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотуу

46 2016-жылдын сентябрында чыккан «Финансылык инструменттер» *ФОЭС (IFRS) 9ду* «Камсыздандыруу келишимдери (ФОЭС (IFRS) 4кө түзөтүүлөр)» *ФОЭС (IFRS) 4 менен колдонуу* 3 жана 5-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди жана 20A – 20Q, 35A жана 39B – 39J пункттарын жана 20, 20K, 20N жана 39A-пункттарынан кийинки аталыштарды кошту. Ишкана белгиленген критерийлерге жооп берген камсыздандыруучуларга ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуудан убактылуу бошотууну колдонууга мүмкүндүк берген ушул түзөтүүлөрдү 2018-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш.

47 39B – 39J-пункттарында талап кылынган маалыматты ачып көрсөткөн ишкана ушундай маалыматты ачып көрсөтүү үчүн зарыл болгон баалоону аткарууга тийиштүү ФОЭС (IFRS) 9дун өткөөл жоболорун колдонушу керек. Ушул максатта өтүнмөнү алгачкы берүү күнү болуп 2018-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган биринчи жылдык мезгилдин башы саналат.

### Кошуу ыкмасы

48 2016-жылдын сентябрында чыккан «Финансылык инструменттер» *ФОЭС (IFRS) 9ду* «Камсыздандыруу келишимдери (ФОЭС (IFRS) 4кө түзөтүүлөр)» *ФОЭС (IFRS) 4 менен колдонуу* 3 жана 5-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди жана 35A – 35N жана 39K – 39M-пункттарын жана 35A, 35K, 35M жана 39J-пункттарына кийинки аталыштарды кошту. Ишкана камсыздандыруучуларга кошуу ыкмасын колдонууга мүмкүндүк берген ушул түзөтүүлөрдү ал ФОЭС (IFRS) 9ду алгачкы колдонгондо белгилүү бир финансылык активдерге колдонууга тийиш (35C-пунктту караңыз).

49 Кошуу ыкмасын колдонууну чечкен ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(a) ушул ыкманы ФОЭС (IFRS) 9га өтүүдө белгилүү бир финансылык активдерге ретроспективдүү колдонууга. Натыйжада, мисалы ишкана топтолгон башка жыйынды кирешенин баштапкы калдыгын оңдоп-түзөө катарында ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуунун негизинде аныкталган белгиленген финансылык активдердин адилет наркы менен ФОЭС (IAS) 39ду колдонуу менен аныкталган алардын баланстык наркынын ортосундагы айырмага барабар сумманы таанышы керек.

(b) кошуу ыкмасын чагылдыруу үчүн салыштырмалуу маалыматты кайрадан чагылдырууну, эгер ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен салыштырмалуу маалыматты кайрадан чагылдырууга.

# А тиркемеси

# ТЕРМИНДЕРДИН АНЫКТАМАСЫ

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **цедент** | **Кайра камсыздандыруу келишими** боюнча **камсыздандыруу полисинин кармоочусу**. |
| **депозиттик компонент** | Келишимдин компоненти, эгерде ал өзүнчө инструмент болсо, ФОЭС (IAS) 39га ылайык туунду инструмент катары эсепке алынбайт жана ФОЭС (IAS) 39дун колдонуу чөйрөсүнө кирбейт. |
| **тикелей камсыздандыруу келишими** | **Кайра камсыздандыруу келишими** болуп саналбаган **камсыздандыруу келишими**. |
| **дискрециялык катышуу шарты** | Кепилденген сыйакыларга кошумча катарында, келишим менен шартталган төмөнкүдөй кошумча пайда алуу укугу:<br>(a) келишим боюнча жалпы пайданын олуттуу бөлүгүн түзүшү мүмкүн;<br>(b) келишимдин шарттарына ылайык суммасы же мөөнөтү эмитенттин кароосуна калтырылган; жана<br>(c) келишимдин шарттарына ылайык төмөнкүлөргө негизделген:<br>(i) келишимдердин белгилүү бир тобунун же келишимдин белгилүү бир түрүнүн ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнө;<br>(ii) эмитенттин ээлигинде турган активдердин белгиленген тобунан түшкөн ишке ашырылган жана/же ишке ашырылбаган инвестициялык кирешелерге; же<br>(iii) келишимди чыгарган компаниянын, фонддун же башка ишкананын пайдасына же зыянына. |
| **адилет нарк** | Баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операциянын жүрүшүндө активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа. (ФОЭС (IFRS) 13тү кара). |
| **финансылык кепилдик келишими** | Карыздык инструменттин баштапкы же өзгөртүлгөн шарттарына ылайык белгилүү бир карызкор мөөнөтү келгенде төлөбөгөндүгүнө байланыштуу тарткан зыян келишимин кармоочуга ордун толтуруу үчүн эмитенттен белгиленген төлөмдөрдү жүргүзүүсүн талап кылган келишим. |
| **финансылык тобокелдик** | Төмөнкү бир же бир нече факторлордун келечекте өзгөрүшү мүмкүн тобокелдиги: берилген пайыздык ставканын, финансылык инструменттин баасынын, товардын баасынын, чет өлкөлүк валютанын алмашуу курсунун, баалардын же ставкалардын индексинин, кредиттик рейтингдин же кредиттик индекстин, же башка өзгөрүлмөнүн, финансылык эмес өзгөрүлмөнүн учурунда, ушул өзгөрүлмө келишим боюнча тарапка мүнөздүү болбогон шартта. |

© ФОЭС Фонду

| | |
|---|---|
| **кепилденген сыйакылар** | **Камсыздандыруу полисинин кармоочусу** же инвестор камсыздандыруучунун кароосу менен келишим боюнча чектелбеген шартсыз алуу укугуна ээ болгон төлөмдөр же башка пайдалар. |
| **кепилденген элемент** | **Дискрециялык катышуу шартын** камтыган келишимге киргизилген **кепилденген сыйакыларды** жүзөгө ашыруу милдеттенмеси. |
| **камсыздандырылган активдер** | **Камсыздандыруу келишими** боюнча **камсыздандыруучунун** таза келишимдик укуктары. |
| **камсыздандыруу келишими** | Бир тарап (**камсыздандыруучу**) экинчи тараптын (**камсыздандыруу полисин кармоочу**) олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин аталган болушуна ишенич жок келечектеги айкын эмес окуя (**камсыздандыруу учуру**) камсыздандыруу полисин кармоочуга терс таасирин тийгизген учурда ага компенсация төлөп берүүгө макулдук берүү аркылуу өзүнө алган келишим. (В тиркемесинде ушул аныктама боюнча көрсөтмөлөр берилген). |
| **камсыздандыруу милдеттенмеси** | **Камсыздандыруу келишими** боюнча **камсыздандыруучунун** нетто-келишимдик милдеттенмелери. |
| **камсыздандыруу тобокелдиги** | **Финансылык тобокелдиктен** айырмаланган, келишимди кармоочудан аны чыгарган тарапка өткөрүп берилүүчү тобокелдик. |
| **камсыздандыруу учуру** | **Камсыздандыруу келишиминде** каралган жана **камсыздандыруу тобокелдигин** түзгөн келечектеги айкын эмес окуя. |
| **камсыздандыруучу** | **Камсыздандыруу учуру** келген учурда **камсыздандыруу келишими** боюнча **камсыздандыруу полисин кармоочуга** компенсация төлөөгө милдеттенмеси бар тарап. |
| **милдеттенмелердин адекваттуулугун текшерүү** | Келечектеги акча каражаттарынын агымдарын талдоонун негизинде **камсыздандыруу милдеттенмесинин** баланстык наркын көбөйтүү (же тиешелүү материалдык эмес активдерди сатып алууга кийинкиге калтырылган чыгымдардын баланстык наркын азайтуу) зарылчылыгын баалоо. |
| **камсыздандыруу полисин кармоочу** | **Камсыздандыруу учуру** келгенде **камсыздандыруу келишими** боюнча компенсация алууга укугу бар тарап. |
| **кайра камсыздандырууга байланышкан активдер** | **Кайра камсыздандыруу келишими** боюнча **цеденттин** таза келишимдик укуктары. |
| **кайра камсыздандыруу келишими** | Цедент чыгарган бир же бир нече келишимдер боюнча башка камсыздандыруучуга (**цедентке**) зыянды компенсациялоо максатында бир камсыздандыруучу (**кайра камсыздандыруучу**) тарабынан чыгарылган **камсыздандыруу келишими.** |
| **кайра камсыздандыруучу** | **Камсыздандыруу учуру** келген учурда **кайра камсыздандыруу келишими** боюнча **цедентке** компенсация төлөп берүүгө милдеттенмеси бар тарап. |

© ФОЭС Фонду

| | |
|---|---|
| **ажыратуу, бөлүү** | Келишим компоненттерин, алар өзүнчө келишимдер болуп саналгандай эсепке алуу. |

© ФОЭС Фонду

# В тиркемеси

## Камсыздандыруу келишиминин аныктамасы

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

В1 Ушул тиркеме А тиркемесинде келтирилген камсыздандыруу келишиминин аныктамасы боюнча колдонмону камтыйт. Ушул тиркемеде төмөнкүдөй маселелер каралат:

(a) «пайда болушу айкын эмес келечектеги окуя» термини (В2 - В4-пункттары);

(b) натуралай формадагы төлөмдөр (В5 - В7-пункттары);

(c) камсыздандыруу тобокелдиги жана башка тобокелдиктер (В8 - В17-пункттары);

(d) камсыздандыруу келишимдеринин мисалдары (В18 - В21-пункттары);

(e) маанилүү камсыздандыруу тобокелдиги (В22 - В28-пункттары); жана

(f) камсыздандыруу тобокелдик деңгээлинин өзгөрүшү (В29 - В30-пункттары).

### Пайда болушу айкын эмес келечектеги окуя

В2 Айкын эместик (же тобокелдик) камсыздандыруу келишиминин маңызы болуп саналат. Натыйжада, жок дегенде, төмөнкүдө саналгандардын бири камсыздандыруу келишимин колдонуунун башында айкын эмес болуп саналат:

(a) *камсыздандыруу учуру* болобу;

(b) ал качан болот; же

(c) эгер ал болсо, камсыздандыруучу кандай сумманы төлөшү керек.

В3 Айрым камсыздандыруу келишимдеринде камсыздандыруу учуру болуп келишимди колдонуу мөөнөтүнүн ичинде зыянды аныктоо саналат, эгер ушул зыян камсыздандыруу келишими колдонуп башталганга чейин болгон окуянын натыйжасында пайда болсо дагы. Башка камсыздандыруу келишимдеринде камсыздандыруу учуру болуп келишимди колдонуу мөөнөтүнүн ичинде болгон окуя саналат, эгер пайда болгон зыян камсыздандыруу келишимин колдонуу аяктагандан кийин аныкталса дагы.

В4 Айрым камсыздандыруу келишимдери окуя болгон, бирок анын финансылык таасири дагы деле айкын эмес калган окуяларды камтыйт. Камсыздандыруу полисин кармоочулар койгон дооматтарды чечүүнүн жагымсыз жүрүшүнө байланышкан тикелей камсыздандыруучунун чыгымдары жабылган кайра камсыздандыруу келишими буга мисал боло алат. Ушундай келишимдер боюнча камсыздандыруу учуру болуп аталган дооматтар боюнча чыгымдардын акыркы суммасын аныктоо саналат.

### Натуралай формадагы төлөмдөр

В5 Айрым камсыздандыруу келишимдери боюнча натуралай формада төлөө талап кылынышы мүмкүн же уруксат берилиши мүмкүн. Камсыздандыруучунун уурдалган буюмдун наркын камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөбөстөн, анын ордуна башкасын түздөн-түз берген учур буга мисал боло алат. Башка мисал болуп камсыздандыруучу келишимдер тарабынан төлөнүүчү медициналык кызмат көрсөтүү үчүн өзүнүн менчик ооруканасын жана медициналык персоналын колдонгон учур боло алат.

В6 Кызмат көрсөтүү көлөмү пайда болушу айкын эмес окуяга көз каранды болгон, белгиленген сыйакы үчүн кызмат көрсөтүүгө айрым келишимдер ушул ФОЭСтеги камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп берет, бирок айрым өлкөлөрдө камсыздандыруу келишимдери катарында жөнгө салынбайт. Мисалдардын бири болуп

кызмат көрсөтүүчү белгилүү бир жабдуу бузулганда аны оңдоого милдеттенген тейлөө келишими саналат. Кызмат көрсөтүү үчүн бекитилген сыйакы бузулуунун күтүлүүчү санына негизделет, бирок конкреттүү станок бузулабы/бузулбайбы, айкын эмес. Жабдуунун бузулушу менчик ээсине терс таасирин тийгизет жана келишим боюнча менчик ээсине компенсация берилет (акча каражаттары менен эмес, натуралай формада). Башка мисал болуп автомобиль бузулган учурда кызмат көрсөтүү келишими болушу мүмкүн, ага ылайык кызмат көрсөтүүчү бекитилген жылдык сыйакы үчүн автомобиль жолдо бузулганда техникалык жардам көрсөтүүгө же автомобилди жакынкы техникалык тейлөө станциясына жеткирүүгө милдеттенет. Акыркы келишим камсыздандыруу келишиминин аныктамасын канааттандырмак, эгер кызмат көрсөтүүчү оңдоо же тетиктерин алмаштыруу боюнча милдеттенмелерди кабыл албаса дагы.

B7 B6-пунктунда сыпатталган келишимдерге ушул ФОЭСти колдонуу, эгер мындай келишимдер ушул ФОЭСтин колдонуу чөйрөсүнө кирбесе да колдонулушу мүмкүн Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын (ФОЭС) колдонууга караганда оордотулган эмес болушу мүмкүн:

(a) буга чейин болгон бузулуулар же иштен чыгуулар боюнча олуттуу милдеттенмелердин болушу күмөн;

(b) эгер ФОЭС (IFRS) 15 колдонулса, анда кызмат көрсөтүүчү аяктоо стадиясында эске алуу менен түшкөн кирешени (жана башка белгилүү бир критерийлерди) таанымак. Ошондой эле ушул ыкмага ушул ФОЭСке ылайык жол берилет, ага ылайык кызмат көрсөтүүчүгө (i) ушул келишимдер үчүн колдонулган эсеп саясатын колдонууну улантууга, алар 14-пункт менен тыюу салынган практиканы камтыган учурлардан тышкары, жана (ii) эгер 22-30-пункттар менен уруксат берилсе, эсеп саясатын жакшы жагына өзгөртүүгө уруксат берилет;

(c) кызмат көрсөтүүчү кызмат көрсөтүү боюнча келишимдик милдеттенмелерди аткаруу чыгымдары аванс менен алынган кирешеден ашар/ашпасын талдоого тийиш. Бул үчүн ал ушул ФОЭСтин 15-19-пункттарында сыпатталган милдеттенмелердин адекваттуулугун текшериши керек. Эгер ушул ФОЭС ушул келишимдерге колдонулбаса, анда кызмат көрсөтүүчү ушул келишимдер оордотулган болуп саналар/саналбасын аныктоо үчүн ФОЭС (IAS) 37ни колдонмок;

d) ушул келишимдер боюнча ушул ФОЭСте камтылган маалыматты ачып көрсөтүү талабынын башка ФОЭСтерде талап кылынган маалыматтардын көлөмүнөн бир кыйла ашуусунун ыктымалдыгы аз.

## Камсыздандыруу тобокелдиги менен башка тобокелдиктердин ортосундагы айырма

B8 Камсыздандыруу келишиминин аныктамасы, ушул ФОЭС келишимдин кармоочусунан эмитентке өткөн *финансылык тобокелдиктен* айырмаланган тобокелдик катарында аныктаган камсыздандыруу тобокелдигине шилтемени камтыйт. Олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин камтыбаган, эмитентти финансылык тобокелдикке дуушар кылган келишим камсыздандыруу келишими болуп саналбайт.

B9 A тиркемесиндеги финансылык тобокелдиктин аныктамасы финансылык жана финансылык эмес өзгөрүлмөлөрдүн тизмегин камтыйт. Ушул тизмек белгилүү бир региондогу жер титирөө чыгымдарынын индекси же белгилүү бир шаардагы температура индекси сыяктуу келишим боюнча тараптарга тийиштүү эмес финансылык эмес өзгөрүлмөлөрдү камтыйт. Тизмек келишим боюнча тарапка таандык активге зыян келтирген же кыйроого алып келген өрттүн пайда болушу же пайда болбошу сыяктуу келишим боюнча тараптарга тийиштүү финансылык эмес өзгөрүлмөлөрдү алып салат. Ошондой эле финансылык эмес активдин адилет наркынын өзгөрүү тобокелдиги финансылык тобокелдик болуп саналбайт, эгер адилет нарк мындай активдердин рыноктук

баасынын өзгөрүшүн гана эмес (финансылык өзгөрүлмө), келишим боюнча тарап кармаган белгилүү бир финансылык эмес активдин абалын дагы (финансылык эмес өзгөрүлмө) чагылдырса. Мисалы, эгер белгилүү бир автомобилдин жоюу наркынын кепилдиги гарантты автомобилдин физикалык абалынын өзгөрүү тобокелдигине дуушар кылса, анда бул тобокелдик финансылык эмес, камсыздандыруучу болот.

B10 Айрым келишимдер боюнча, камсыздандыруу тобокелдигинен тышкары, камсыздандыруучу финансылык тобокелдикке дуушар болот. Мисалы өмүрдү камсыздандыруу боюнча көпчүлүк келишимдер камсыздандыруу полисин кармоочуларга минималдуу кирешени кепилдейт (финансылык тобокелдикти түзүү менен), ошондой эле кээде камсыздандыруу полисин кармоочунун эсебиндеги балансатан ашкан, каза болгондугу боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү милдеттенмесин камтыйт (каза болуу тобокелдиги түрүндө камсыздандыруу тобокелдигин түзүү менен). Мындай келишимдер камсыздандыруу келишимдери болуп саналат.

B11 Айрым келишимдер боюнча камсыздандыруу учуру кандайдыр бир баа индексине көз каранды суммаларды төлөөнү демилгелейт. Мындай келишимдер, камсыздандыруу учуруна көз каранды төлөмдүн көлөмү олуттуу болушу мүмкүн шартта, камсыздандыруу келишимдери болуп саналат. Мисалы жашоо минимумуна байлаштырылган өмүр бою берилүүчү пенсия камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берет, анткени төлөм пайда болушу айкын эмес окуяга – аннуитет алуучунун жашоо узактыгына көз каранды. Баалар индексине байлаштыруу камтылган туунду инструмент болуп саналат, бирок ал дагы камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берет. Эгер өткөрүп берилүүчү камсыздандыруу тобокелдиги олуттуу болсо, анда камтылган туунду инструмент камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп берет жана бул учурда аны адилет нарк боюнча ажыратуу жана баалоо талап кылынбайт (ушул ФОЭСтин 7-пунктун караңыз).

B12 Камсыздандыруу тобокелдигинин аныктамасы камсыздандыруучу камсыздандыруу полисин кармоочудан кабыл алган тобокелдикке шилтемени камтыйт. Башкача айтканда камсыздандыруу тобокелдиги – бул камсыздандыруу полисин кармоочудан камсыздандыруучуга өткөн, буга чейин болгон тобокелдик. Ошентип, келишим менен түзүлгөн жаңы тобокелдик камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналбайт.

B13 Камсыздандыруу келишиминин аныктамасы камсыздандыруу полисин кармоочуга болгон терс таасирге шилтемени камтыйт. Аныктама камсыздандыруучунун жагымсыз окуянын финансылык таасирине барабар сумманы төлөө өлчөмүн чектебейт. Мисалы аныктама камсыздандыруу полисин кармоочуга бузулган эски активди жаңысына алмаштыруу үчүн жетиштүү каражат төлөнгөн «эскинин ордуна жаңысы» камсыздандыруу төлөмүн жокко чыгарбайт. Ушундай эле аныктама өмүрдү камсыздандыруу келишими боюнча каза болгон адамдын багуусунда болгон адамдар тарткан финансылык зыянга барабар сумманы төлөө өлчөмүн чектебейт жана күн мурунтан аныкталган сумманы төлөө өлчөмү каза болгондон же кырсыктан улам тартылган зыянды сандык баалоо болушуна тоскоолдук кылбайт.

B14 Эгерде пайда болушу айкын эмес сүйлөшүлгөн окуя болсо, бирок камсыздандыруу полисин кармоочуга терс таасир тийгизсе да кынтыксыз төлөө шарты талап кылынбаса,айрым келишимдер боюнча ордун толтурууну төлөө талап кылынат. Мындай келишим, эгерде камсыздандыруу полисин кармоочу ушул келишимди анын негизинде турган тобокелдиктин таасирин азайтуу үчүн колдонсо, камсыздандыруу келишими болуп саналбайт. Мисалы, эгер камсыздандыруу полисин кармоочу ишкананын активинен түшкөн акча каражаттарынын агымдары менен байланышкан финансылык эмес өзгөрүлмөнүн негизи болгон туунду инструментти хеджирлөө үчүн колдонсо, анда мындай туунду инструмент камсыздандыруу келишими болуп саналбайт, анткени ордун толтурууну төлөө активдин акча каражаттарынын агымдарынын азайышынан улам камсыздандыруу полисин кармоочу терс таасирге дуушар болор/болбосуна көз каранды эмес. Тескерисинче, камсыздандыруу келишиминин аныктамасы пайда болушу айкын эмес окуяга жана камсыздандыруу полисинин кармоочусуна төлөм жүргүзүү үчүн келишимдин кынтыксыз шарты болуп саналган терс таасирге шилтемени камтыйт. Ушул келишимдин кынтыксыз шарты камсыздандыруучунун окуя чынында эле терс таасир

тийгизген/тийгизбегендигине изилдөө жүргүзүүсүн талап кылбайт, бирок, эгер камсыздандыруучу окуя терс таасир тийгизгендигине күмөн санаса, ага төлөмдөн баш тартууга уруксат берет.

B15 Келишимдин кыскартылган же узартылган колдонуу тобокелдиги (б.а. келишим боюнча контрагенттин келишимди баалоо учурунда эмитент күткөндөн эрте же кийинчерээк баш тарткан тобокелдиги) камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналбайт, анткени келишим боюнча контрагентке төлөм пайда болушу айкын эмес жана терс таасир тийгизген окуяга көз каранды эмес. Ушундай эле ашыкча чыгымдардын тобокелдиги (б.а. камсыздандыруу учурлары менен байланышкан чыгымдардын эмес, келишимди тейлөөгө байланышкан административдик чыгымдардын күтүүсүз көбөйүү тобокелдиги) камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналбайт, анткени чыгымдардын күтүүсүз көбөйүшү келишим боюнча контрагентке терс таасир тийгизбейт.

B16 Ошондуктан эмитентти келишимдин кыскартылган колдонуу тобокелдигине, келишимдин узартылган колдонуу тобокелдигине же ашыкча чыгымдар тобокелдигине дуушар кылган келишим камсыздандыруу келишими болуп саналбайт, ал эмитентти камсыздандыруу тобокелдигине дагы дуушар кылган учурлардан тышкары. Бирок, эгер ушул келишимдин эмитенти ушундай тобокелдиктин бөлүгүн үчүнчү тарапка өткөрүп берүү үчүн кошумча келишимди колдонуу менен ушундай тобокелдикти азайтса, анда ушул кошумча келишим үчүнчү тарапты камсыздандыруу тобокелдигине дуушар кылат.

B17 Камсыздандыруучу камсыздандыруу полисин кармоочудан өзүнчө ишкана болуп саналган учурда гана, камсыздандыруучу камсыздандыруу полисин кармоочудан олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин кабыл алышы мүмкүн. Өз ара камсыздандыруу учурунда, өз ара камсыздандыруучу камсыздандыруу полисинин ар бир кармоочусунан тобокелдикти кабыл алат жана аларды пулга бириктирет. Камсыздандыруу полистерин кармоочулар бириктирилген тобокелдикти менчик ээлери катарында бирдикте көтөрүшсө дагы, өз ара камсыздандыруучу камсыздандыруу келишиминин маңызы болгон ушул тобокелдикти кабыл алат.

## Камсыздандыруу келишимдеринин мисалдары

B18 Камсыздандыруу келишимдери болуп саналган келишимдердин мисалдары төмөндө келтирилди, өткөрүп берилүүчү камсыздандыруу тобокелдиги олуттуу болгон шартта:

(a) мүлк уурдалган же ага зыян келтирилген учурду камсыздандыруу;

(b) товар өндүрүүчүнүн жоопкерчилигин, кесиптик жоокерчиликти, жарандык жоопкерчиликти камсыздандыруу же сот чыгымдарын камсыздандыруу;

(c) өмүрдү камсыздандыруу жана көмүү чыгымдарын камсыздандыруу пландары (каза болуу белгилүү болсо дагы, өлүм болгон учур же, өмүрдү камсыздандыруунун айрым түрлөрү үчүн, камсыздандырууда камтылган мезгилдин ичинде өлүм болор/болбосу айкын эмес болуп саналат);

(d) өмүр бою берилүүчү аннуитеттер жана пенсиялар (б.а. аннуитет алуучунун же пенсионердин көп жашоосу анын белгилүү бир жашоо деңгээлин камсыздоого терс таасирин тийгиши мүмкүн болгон, ага жардам берүү үчүн келип чыгышы (аннуитет алуучунун же пенсионердин жашоосу) айкын эмес болгон келечектеги окуяга карата ордун толтурууну камсыздаган келишимдер);

(e) майыптыкты камсыздандыруу жана медициналык камсыздандыруу;

(f) камсыздандыруунун кепилдик милдеттенмелери, жумуш берүүчүнүн потенциалдуу зыяндары боюнча кепилдик милдеттенмелери, милдеттенмелердин ийгиликтүү аткарылышын камсыздандыруу, соодалашууда (тендерде) жеңген катышуучунун келишим түзүү боюнча кепилдик милдеттенмелери (б.а. эгер экинчи тарап

келишимдик милдеттенмени, мисалы имарат куруу милдеттенмесин аткара албаса, ордун толтурууга берилген келишимдер).

(g) белгилүү бир карызкор карыздык инструменттин алгачкы же өзгөртүлгөн мөөнөтү келгенде төлөм жүргүзбөгөндүгүнө байланыштуу тарткан чыгымды ээсине төлөп берүү үчүн белгилүү бир төлөмдөрдү караган кредиттик камсыздандыруу. Ушул келишимдер кепилдиктер, аккредитивдердин айрым түрлөрү, кредиттер боюнча милдеттенмелер аткарылбаган учурда туунду инструмент же камсыздандыруу келишими сыяктуу түрдүү юридикалык формаларга ээ болушу мүмкүн. Бирок ушундай келишимдер камсыздандыруу келишиминин аныктамасына шайкеш келгендигине карабастан, алар ушул стандарт менен эмес (4(d)-пунктун караңыз), ФОЭС (IFRS) 9да каралган жана ФОЭС (IAS) 32[5] жана ФОЭС (IFRS) 9 менен жөнгө салынган финансылык кепилдик келишиминин аныктамасына да шайкеш келет. Ушул фактыга карабастан, эгер финансылык кепилдик келишимдеринин эмитенти мурда ушундай келишимдерди камсыздандыруу келишимдери катарында эсепке алууну ачык сүйлөшсө жана камсыздандыруу келишимдерине колдонулган эсепке алуу тартибин колдонсо, эмитент өзүнүн кароосу боюнча ушундай финансылык кепилдик келишимдерине же ФОЭС (IAS) 32ни[6] жана ФОЭС (IFRS) 9ду, же ушул ФОЭСти колдоно алат.

(h) продукцияга кепилдик. Өндүрүүчү, дилер же чекене сатуучу тарабынан сатылган товарга башка тарапка берилген продукцияга кепилдиктер ушул ФОЭС (IFRS)тин колдонуу чөйрөсүнө кирет. Бирок түздөн-түз өндүрүүчү, дилер же чекене сатуучу тарабынан берилген продукцияга кепилдиктер анын колдонуу чөйрөсүнө кирбейт, анткени аларФОЭС (IFRS) 15тин жана ФОЭС (IAS) 37нин колдонуу чөйрөсүнө кирет;

(i) менчик титулун камсыздандыруу (б.а. камсыздандыруу келишимин бекиткен учурда ачык болбогон жерге менчик титулунун кемчиликтерин аныктоо учурун камсыздандыруу). Бул учурда камсыздандыруу учуру болуп дефекттин өзүн эмес, менчик титулунун дефектин аныктоо саналат;

(j) саякат мезгилин камсыздандыруу (б.а. камсыздандыруу полисин кармоочулар саякаттаган мезгилдин ичинде тартылган зыяндын ордуна аларга акча каражаттары менен же натуралай формада компенсация берүү). В6 жана В7-пункттарында ушундай келишимдер каралат;

(k) эгер белгилүү бир окуя облигациянын эмитентине терс таасир тийгизсе, негизги сумманы, пайыздардын суммасын же эки сумманы тең төлөп берүүнү азайтуу каралган өзгөчө кырдаалдарга байланышкан облигациялар (сүйлөшүлгөн окуя олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин түзбөгөн учурлардан тышкары, мисалы, эгер мындай окуя болуп пайыздык ставканын же валютаны алмашуу курсунун өзгөрүшү саналса);

(l) камсыздандыруу своптору жана төлөмдүн өлчөмү келишимдин тараптарынын бирине тийиштүү климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөргө негизделген башка келишимдер;

(m) кайра камсыздандыруу келишимдери.

B19 Камсыздандыруу келишимдери болуп саналбаган беренелердин мисалдары төмөндө келтирилди:

[5] Эгер ишкана ФОЭС (IFRS) 7ни колдонсо, ФОЭС (IAS) 32ге шилтемелер ФОЭС (IFRS) 7ге болгон шилтемелер менен алмаштырылат.

[6] Эгер ишкана ФОЭС (IFRS) 7ни колдонсо, ФОЭС (IAS) 32ге шилтемелер ФОЭС (IFRS) 7ге шилтемелер менен алмаштырылат.

(a) камсыздандыруу келишиминин юридикалык формасына ээ болгон, бирок камсыздандыруучуну олуттуу камсыздандыруу тобокелдигине дуушар кылбаган инвестициялык келишимдер, мисалы камсыздандыруучу өлүмдүн камсыздандыруу тобокелдигине дуушар болбогон өмүрдү камсыздандыруу келишимдери (мындай келишимдер камсыздандырылбаган финансылык инструменттер же кызмат көрсөтүү келишимдери болуп саналат, B20 жана B21-пункттарын караңыз).

(b) камсыздандыруу келишиминин юридикалык формасына ээ болгон, бирок юридикалык күчкө ээ жана жокко чыгарылбаган, камсыздандырылган чыгымдардан түз көз каранды болгон камсыздандыруу полисин кармоочулар жүргүзгөн келечектеги төлөмдөрдү түзөтүүчү механизмдер аркылуу бүтүндөй олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин кайрадан камсыздандыруу полисин кармоочуга өткөрүп берген келишимдер, мисалы айрым финансылык кайра камсыздандыруу келишимдери же айрым топтордун келишимдери (мындай келишимдер адатта камсыздандырылбаган финансылык инструменттер же кызмат көрсөтүү келишимдери болуп саналат, B20 жана B21-пункттарын караңыз).

(c) өзүн өзү камсыздандыруу, башкача айтканда камсыздандыруу менен жабылышы мүмкүн болгон тобокелдикти өткөрүп бербөө (камсыздандыруу келишими болуп саналбайт, анткени башка тарап менен макулдашуу жок).

(d) эгер пайда болушу айкын эмес сүйлөшүлгөн окуя болсо, ордун толтурууну төлөө талап кылынган, бирок төлөмдүн кынтыксыз келишимдик шарты катарында камсыздандыруу полисин кармоочуга терс таасир тийгизген окуянын болушун талап кылбаган келишимдер (азарттык полистер сыяктуу). Бирок, бул өлүм же кырсык сыяктуу сүйлөшүлгөн окуя менен келтирилген зыянды сандык баалоону чагылдырган ордун толтуруу өлчөмүн алдын ала белгилөөгө тоскоолдук кылбайт (ошондой эле B13-пунктун караңыз).

(e) тараптардын бирин камсыздандыруу эмес, финансылык тобокелдикке дуушар кылган туунду финансылык инструменттер, анткени алар боюнча тараптардын бири бир же бир нече өзгөрүлмөлөрдүн: белгилүү бир пайыздык ставканын, финансылык аспаптын баасынын, товардык баалардын, валютанын алмашуу курсунун, баалардын же ставкалардын индексинин, кредиттик рейтингдин же кредиттик индекстин, же болбосо башка өзгөрүлмөнүн өзгөрүшүнө негизделген төлөмдөрдү жүргүзүүсү талап кылынат, финансылык эмес өзгөрүлмөнүн учурунда ал келишим боюнча тараптарга тийиштүү болбогон шартта (ФОЭС (IFRS) 9ду караңыз).

(f) эгер карызкордун өз убагында төлөм жүргүзүүгө жөндөмү жоктугунан улам кармоочу зыян тартпаса дагы, ордун толтурууну төлөө талап кылынган зайым менен байланышкан кепилдик келишими (же аккредитив, кредит боюнча милдеттенмелерди аткарбоо боюнча туунду инструмент же кредиттик тобокелдиктерди камсыздандыруу келишими) (ФОЭС (IFRS) 9ду караңыз).

(g) төлөмдүн өлчөмү келишимдин тараптарынын бирине тийиштүү климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөргө негизделген келишимдер (адатта метеорологиялык туунду инструменттер деп аталуучу).

(h) келишимдин тараптарынын бирине тийиштүү климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөргө негизделген негизги сумманы, пайыздардын суммасын же эки сумманы тең төлөп берүүнү азайтуу каралган өзгөчө кырдаалдардарга байланышкан облигациялар.

B20 Эгер B19-пунктунда сыпатталган келишимдер финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди түзсө, анда алар ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирет. Андан

© ФОЭС Фонду

тышкары, бул келишим боюнча тараптар кээде депозиттик эсеп деп аталуучу эсепти колдоноорун билдирет, анда:

(a) тараптардын бири алынган ордун толтурууну түшкөн киреше эмес, финансылык милдеттенме катарында тааныйт;

(b) башка тарап болсо төлөнгөн ордун толтурууну чыгым катарында эмес, финансылык актив катарында тааныйт.

B21 Эгер B19-пунктунда сыпатталган келишимдер финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди түзбөсө, ФОЭС (IFRS) 15 колдонулат. ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык ишкана убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү сатып алуучуга ишкана алуу укугун күткөн ордун толтурууну чагылдырган суммада өткөрүп берүү аркылуу милдетин аткарганда (же кантип аткаргандыгына карата), түшкөн киреше таанылат.

## Олуттуу камсыздандыруу тобокелдиги

B22 Келишим, эгер аны менен олуттуу камсыздандыруу тобокелдиги өткөрүп берилсе гана, камсыздандыруу келишими болуп саналат. B8 - B21-пункттарында камсыздандыруу тобокелдиги каралат. Кийинки пункттарда камсыздандыруу тобокелдиги олуттуу болуп саналар/саналбасын баалоо каралат.

B23 Камсыздандыруу тобокелдиги олуттуу болуп саналат, эгер камсыздандыруу учурунун натыйжасында камсыздандыруучу, коммерциялык өлчөмгө ээ эмес (б.а. бүтүмдүн экономикалык жагына олуттуу таасир тийгизбеген) учурларды кошпогондо, кандай натыйжа болбосун олуттуу кошумча сыйакы төлөөгө аргасыз болгон учурда гана. Эгер олуттуу кошумча сыйакы коммерциялык өлчөмгө ээ учурларда төлөнүүгө тийиш болсо, анда мурунку сүйлөмдөгү шарт аткарылышы мүмкүн, эгер камсыздандыруу учурунун ыктымалдыгы аз болсо дагы же эгер шарттуу акча каражаттар агымдарынын күтүлүүчү (б.а. ыктымалдуулугу менен ченелген) келтирилген наркы келишим боюнча калган акча каражаттарынын агымдарынын күтүлүүчү келтирилген наркына салыштырмалуу олуттуу эмес болсо дагы.

B24 B23-пунктунда сыпатталган кошумча сыйакы, эгер камсыздандыруу учуру болбосо, төлөнүүгө тийиш болгон суммадан ашык суммага кирет (коммерциялык өлчөмгө ээ эмес учурларды кошпогондо). Ушул кошумча суммалар дооматтарды кароо жана аларды баалоо чыгымдарын камтыйт, бирок төмөнкүлөрдү алып салат:

(a) келечектеги кызмат көрсөтүүлөр үчүн камсыздандыруу полисин кармоочудан акы алуу мүмкүнчүлүгүн жоготууну. Мисалы өмүрдү камсыздандыруунун инвестициялык келишими боюнча камсыздандыруу полисин кармоочунун өлүмү, камсыздандыруучу мындан ары инвестицияларды башкаруу боюнча кызмат көрсөтө албайт жана бул үчүн акы ала албайт, дегенди билдирет. Бирок камсыздандыруучунун ушул экономикалык тарткан зыяны кардардын болушу мүмкүн өлүмү боюнча анын башкаруучусу өзүнө камсыздандыруу тобокелдигин албаган өз ара фондусунун учурундай, камсыздандыруу тобокелдигин чагылдырбайт. Ошондуктан инвестицияларды башкаруу үчүн келечектеги сыйакыны жоготуунун потенциалдуу мүмкүндүгү келишим боюнча камсыздандыруу тобокелдиги кандай көлөмдө өткөнүн баалоодо жөндүү эмес.

(b) каза болгондо келишимди токтоткон же андан баш тарткан учурда тартылышы мүмкүн чыгашалардан баш тартуу. Ушул чыгашалар келишимдин натыйжасында пайда болгондуктан, ушул чыгашалардан баш тартуу камсыздандыруу полисин кармоочуга буга чейин болгон тобокелдикти компенсациялабайт. Ошондуктан алар келишим боюнча камсыздандыруу тобокелдиги кандай көлөмдө өткөнүн баалоодо жөндүү болбойт.

© ФОЭС Фонду

(c) пайда болгондо келишимдин кармоочусу олуттуу чыгым тартпаган окуяга көз каранды төлөм. Мисалы, эгер активге физикалык зыян келтирилсе, камсыздандыруучу бир миллион акча бирдигин төлөөгө тийиш келишим, натыйжада камсыздандыруу полисин кармоочу бир акча бирдигине барабар олуттуу эмес экономикалык зыян тартат. Ушул келишим боюнча камсыздандыруу полисин кармоочу камсыздандыруучуга бир акча бирдигинде олуттуу эмес жоготуу тобокелдигин өткөрүп берет. Ошол эле учурда келишим, эгер белгилүү бир окуя болсо, эмитент 999 999 акча бирдигин төлөөгө тийиш болгон камсыздандырылбаган тобокелдикти түзөт. Эмитент камсыздандыруу полисин кармоочудан олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өзүнө албагандыктан, ушул келишим камсыздандыруу келишими болуп саналбайт.

(d) кайра камсыздандыруу келишимдери боюнча алынган зыяндарды компенсациялоо мүмкүндүгү. Камсыздандыруучу аларды өзүнчө эске алышы керек.

B25 Камсыздандыруучу келишимдер боюнча камсыздандыруу тобокелдигинин олуттуулугун финансылык отчеттуулук жагынан алардын маанилүүлүк негизинде эмес, жеке негизинде баалоого тийиш[7]. Ошентип камсыздандыруу тобокелдиги бардык эске алынган келишимдер боюнча зыяндар минималдуу болушу ыктымал учурда дагы олуттуу болушу мүмкүн. Келишимдерди ушундай жеке негизде баалоо келишимди камсыздандыруу келишими катарында классификациялоону жеңилдетүүгө жардам берет. Бирок, анча чоң эмес келишимдердин салыштырмалуу бир түрдүү тобу камсыздандыруу тобокелдиги өткөрүп берилген келишимдерден тургандыгы белгилүү болсо, анда олуттуу эмес камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берген туунду инструменттер болуп саналбаган бир нече келишимдерди аныктоо үчүн камсыздандыруучунун ушул топтогу ар бир келишимди өзүнчө талдоосу талап кылынбайт.

B26 B23 - B25-пункттарына ылайык, эгер келишим боюнча каза болгондо тирүүсүндө төлөнө турган суммадан ашыкча сумма төлөнсө, анда ушул келишим камсыздандыруу келишими болуп саналат, каза болгондо кошумча төлөмдөр көп болбогон учурлардан тышкары (бул келишимдердин бардык тобуна эмес, келишимдин өзүнө карата бааланат). B24(b)-пунктунда белгиленгендей, каза болгондо келишимди токтоткон же андан баш тарткан учурда тартылышы мүмкүн чыгымдардан баш тартуу мындай баалоого киргизилбейт, эгер мындай баш тартуунун натыйжасында камсыздандыруу полисин кармоочуга буга чейин болгон тобокелдик компенсацияланбаса. Ушундай эле камсыздандыруу полисин кармоочунун калган жашоосунун ичинде туруктуу төлөмдөр жүргүзүлгөн аннуитет тууралуу келишим камсыздандыруу келишими болуп саналат, жашоого көз каранды агрегирленген төлөмдөр олуттуу эмес болгон учурлардан тышкары.

B27 B23-пункту кошумча сыйакыга кирет. Ушул кошумча сыйакы, эгер камсыздандыруу учуру эрте келсе жана акчанын убакыт ичиндеги наркын эске алуу менен төлөм оңдоп-түзөтүлбөсө, сыйакыны мөөнөтүнөн мурда төлөө талабын камтышы мүмкүн. Мисал болуп белгиленген суммага өмүрдү камсыздандыруу саналат (башкача айтканда, каза болгон учурда бекитилген төлөм жүргүзүлгөн жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бүтүү күнү жок камсыздандыруу). Камсыздандыруу полисин кармоочунун каза болоору белгилүү, бирок каза болуу күнү айкын эмес бойдон калат. Кармоочулары мезгилсиз дүйнөдөн кайткан айрым келишимдер боюнча камсыздандыруучу зыян тартат, эгер бүтүндөй келишимдер тобу боюнча зыян тартуу болбосо дагы.

B28 Эгер камсыздандыруу келишими депозиттик жана камсыздандыруу компоненттерине ажыратылса, анда өткөрүп берилүүчү камсыздандыруу тобокелдигинин олуттуулугу камсыздандыруу компонентинин негизинде бааланат. Камтылган туунду инструмент боюнча өткөрүп берилүүчү камсыздандыруу тобокелдигинин олуттуулугу камтылган туунду инструменттин негизинде бааланат.

[7] Ушул максатта бир эле убакта бир контрагент менен бекитилген келишимдер (же кандайдыр бир башка жол менен өз ара көз каранды болгон келишимдер) бир келишим катарында каралат.

© ФОЭС Фонду

## Камсыздандыруу тобокелдигинин деңгээлин өзгөртүү

B29 Айрым келишимдер боюнча камсыздандыруучуга аларды колдонуунун башында камсыздандыруу тобокелдиги өткөрүп берилбейт, ошентсе да алар боюнча камсыздандыруу тобокелдиги кийин өткөрүп берилет. Мисалы, белгилүү бир инвестициялык кирешелүүлүк каралган жана камсыздандыруучу тарабынан башка жаңы аннуитет алуучуларга сунушталган жана камсыздандыруу полисин кармоочуушул мүмкүнчүлүктү колдонгон учурда колдонулган аннуитет боюнча учурдагы ставка менен өмүр бою берилүүчү пенсиясын сатып алуу үчүн аны төлөө мөөнөтү келгенде камсыздандыруу полисин кармоочуучүн инвестициядан түшкөн каражаттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камтыган келишимди карайлы. Келишим боюнча камсыздандыруу тобокелдиги ушундай мүмкүнчүлүк колдонулганга чейин камсыздандыруучуга өткөрүп берилбейт, анткени ушул учурда камсыздандыруучуга өткөрүп берилүүчү камсыздандыруу тобокелдигин чагылдырган негизде аннуитетти баалоодо камсыздандыруучуда тандоо эркиндиги калат. Бирок, эгер келишимде аннуитет боюнча ставка (же аннуитет боюнча ставканы аныктоодо колдонулган негиз) сүйлөшүлсө, анда ал боюнча камсыздандыруу тобокелдиги ушул келишимди колдонуунун башында камсыздандыруучуга өткөрүп берилет.

B30 Камсыздандыруу келишиминин аныктамасына ылайык келген келишим бардык укуктар жана милдеттенмелер аткарылганга же аяктаганга чейин сакталат.

.